**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ



**2020**

# КЫСКАЧА ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

# 2020

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Н 11

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы: Кыскача жылдык отчёт.
- 2020/ КР УИА. - Бишкек: Илим, 2020. - 99 б.

# КЫСКАЧА ЖЫЛДЫК ОТЧЁТ
# 2020

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
## УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

© Кыргыз Республикасынын Улуттук
илимдер академиясы, 2021

## МАЗМУНУ

**Джуматаев М.С.,** *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти, академик*
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 2020-жылдагы иштеринин негизги жыйынтыктары жана 2021-жылга карата койгон максаттары....................................4

**Дженбаев Б.М.,** *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын башкы окумуштуу катчысы, биология илимдеринин доктору, профессор*
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 2020-жылда аткарган илимий уюштуруу иш-аракеттеринин негизги жыйынтыктары..........................................13

**Кожогулов К.Ч.,** *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Физика-техникалык, математикалык жана тоо-кен-геологиялык илимдер бөлүмүнүн төрагасы, корреспондент- мүчө*
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Физика-техникалык, математикалык жана тоо-кен- геологиялык илимдер бөлүмүнүн 2020-жыл боюнча кыскача жылдык отчету....................................................................................................16

**Ашимов И.А.,** *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия-технологиялык, биомедицина жана айыл чарба илимдер бөлүмүнүн төрагасы, корреспондент-мүчө*
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия-технологиялык, биомедицина жана айыл чарба илимдер бөлүмүнүн 2020-жыл боюнча кыскача жылдык отчету..................................................................................................................39

**Акматалиев А.А.,** *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын коомдук илимдер бөлүмүнүн төрагасы, академик*
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн 2020-жыл боюнча кыскача жылдык отчету...........................................................61

**Тайчиев И.Т.** *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк филиалынын төрагасы, медицина илимдеринин доктору, профессор*
Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Түштүк филиалынын 2020-жыл боюнча кыскача жылдык отчету.............................................................................76

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Эл аралык кызматташуу жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн 2020-жылга отчету..........................................86

КР УИАнын Президиумунун алдындагы «Илим» Басма борборунун отчету................91



*М.С. Джуматаев*
*КР УИАсынын Президенти, академик*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН 2020-ЖЫЛДАГЫ ИШТЕРИНИН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА 2021- ЖЫЛГА КАРАТА КОЙГОН МАКСАТТАРЫ

**Урматтуу кесиптештер, урматтуу коноктор жана жылдык чогулуштун катышуучулары!**

Сиздердин назарыңыздарга Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын 2020-жылы аткарган илимий жана илимий уюштуруучулук иштеринин аткарылышы, жыйынтыктары тууралуу баяндама сунуш кылынат.

2020-жыл өлкөбүз үчүн, дегеле бүт дүйнө үчүн оор жыл болгону баарыбызга маалым. Жыл бою элибизди, анын ичинде академиябыздын кызматкерлерин коронавирус оорусу кыйнап, жылдын көп бөлүгүндө кызматкерлерибиз аралыктан иштөөгө өтүп, пландалган эксперименттердин, экспедициялардын, талаа жумуштарынын бир тобу аткарылбай калды. Эң кейиштүүсү көп кызматкерибиз каза болуп калды, анын ичинде Улуттук илимдер академиясынын сыймыгы болгон академиктерибиз, корреспондент-мүчөлөрүбүз бар. Ушундай абалда дагы болгон аракетти жумшап, алдыга койгон максаттарды аткарууга аракеттендик. Өткөн жылы жалпы жылды жыйынтыктоочу чогулушубузда 2020-жылга конкреттүү максаттарды койдук эле. Алар төмөнкүлөр:

- мамлекеттик тапшырмага өтүп, илимий долбоорлордун кайтарымдуулугун жогорулатуу;
- илим чөйрөсүн жөнгө салуучу укуктук-ченемдик базаны өркүндөтүүнү улантуу;
- Баткен облусунун мисалында аймактарды өнүктүрүү боюнча илимий долбоорду иштеп чыгуу;
- илим-изилдөө мекемелеринин материалдык-техникалык базасын жакшыртууну улантуу, өзгөчө жабдуулар паркын жаңыртуу ишин жандандыруу;
- магистратура институтун УИАсына киргизүү;
- эл аралык илимий жана илимий-техникалык түзүмдөрдүн интеграциялык мүмкүнчүлүктөрүн жигердүү пайдаланып, ишмердикти каржылоонун бюджеттен тышкаркы булактарын тартуу, гранттар менен фонддордун каражаттарын топтоо жана колдонуу иш-аракеттерин активдештирүү;
- эл аралык илимий эмгектер базасындагы УИАсынын кызматкерлердин макалаларынын санын көбөйтүү.

Урматтуу кесиптештер, Улуттук илимдер академиясынын илимий мекемелеринин аткарган илимий иштеринин жыйынтыгы менен тааныштыраардан мурда жогоруда 2020-жылга коюлган маселелердин аткарылышы жөнүндө кыскача маалымат бере кетейин.

2021-жылдан баштап Улуттук илимдер академиясынын бардык илимий мекемелери илимий иштерди жаңы формада түзүлгөн долбоорлор аркылуу аткарууга өтүштү. Жаңы долбоорлорду аткаруунун эң негизги шарттарынын бири-изилдөөлөрдүн кайтарымдуу жыйынтыктарын алып, өлкөбүздүн



экономикасына, өндүрүшкө, социалдык турмушуна таасир берген натыйжаларга жетишүү жана дүйнөлүк белгилүү илимий басылмаларда илимий жыйынтыктарды жарыялоо болду. Демек, быйылкы жылдан баштап академиянын ар бир илимий кызматкери кандай долбоордун алкагында иш алып бара тургандыгын, анын алдында кандай тапшырмалар коюлганын, белгилүү мезгил ичинде кандай жыйынтыктарды алууга бел байлагандыгын текшерүүгө болот. Анын үстүнө ар бир жаңы бекилген долбоор тийиштүү министрликтер, мамлекеттик комитеттер, ведомстволор жана жергиликтүү мамлекеттик өкүлчүлүктөр менен макулдашылып, кайтарымдуулугу тастыкталды. Бул формада иш алып баруу акыркы учурда айтылып жүргөн жоопкерчиликти жогорулатат деп ойлойбуз.

Укуктук-ченемдик базаны чыңдоодо негизги маселе — бул биздин илимий мекемелердин бюджеттен тышкары каражат табуу шарттарын түзүп берүү. Эки жылдык эмгектин натыйжасында, 2016-жылы жаңы бюджеттик кодекс кабыл алынып жатканда кетип калган катаны жойгонго мүмкүнчүлүк пайда болду. Магистратура институтун Улуттук илимдер академиясына киргизүү боюнча өткөн жылы Уставга өзгөртүү киргизүү процедурасы жүргүзүлдү. Ковид оорусуна байланыштуу бул иш толук кандуу жүргөн жок. Бул жумуш быйылкы жылы уланмакчы.

Былтыр эсиңиздерде болсо керек, Баткен областы менен тыгыз иш алып барууну пландадык эле, пандемияга байланыштуу бул иштерге дагы өзгөрүүлөр киргизилип, 2021-жылы аткарыла турган болду. Бул жөнүндө Баткен областынын жетекчилиги менен макулдашылды.

Көп жылдардан бери чечилбей келе жаткан негизги көйгөй - бул илимий-изилдөө мекемелеринин илимий-аспаптык базасын жаңыртуу.

Урматтуу кесиптештер, бул маселеде дагы маанилүү жылыштар бар деп айтсак болот. Анткени өткөн жылы, Илим күнүнө карата Улуттук илимдер академиясына, ал убакта КР Президентинин милдетин аткаруучу-Премьер-министр Жапаров Садыр Нургожоевич келип, академиянын корреспондент-мүчөлөр жана академиктер менен жолукканы баардыгыңыздардын эсиңиздерде. Ошол жолугушууда илимдеги негизги көйгөйлөрдүн бири - бул илимий мекемелердеги аспаптык жабдуулардын өтө эскирип кетиши экендиги баса белгиленген. Садыр Нургожоевич биздин илимдин эң талылуу жерин туура баамдап, ошол эле жерден аспаптык базаны кескин жана толук жаңыртууну колдоду. Азыркы учурда Өкмөттүн тийиштүү чечими даярдалып жатат. Буюрса каражат маселеси чечилсе, бардык жоопкерчилик кайра өзүбүздө болот. Бөлүнгөн каражатты толук, убагында пайдаланып, институттарыбызды, бөлүмдөрүбүздү, лабораторияларыбызды зарыл болгон илимий иштерди жүргүзүү үчүн жабдыктар, заманбап эксперименталдык жана эсептөө техника менен камсыз кылуу, ар бир деңгээлдеги жетекчинин жеке жоопкерчилигинде болот.

Өткөн жылы Улуттук илимдер академиясы илимий иштерди 109 илимий долбоордун алкагында (анын ичинде 31 бюджеттен каржыланган) алып барды жана өткөн жылкы жалпы чогулушта коюлган жалпы маселелерди чечүүгө бүткүл күч-аракетин жумшады.

2020-жылдагы негизги илимий жана илимий-уюштуруучулук жетишкендиктер колуңуздардагы жылдык отчетто толук келтирилген. Мен айрым кайтарымдуу натыйжаларга гана токтолуп кетмекчимин.

**Физика-техникалык, математикалык жана тоо-кен-геологиялык бөлүмдүн институттары илимий долбоорлорду кайтарымдуу маселелерге багыттоонун натыйжасында:**

***Геология институтунда*** изилдөөлөрдүн натыйжасында, Нарын облусунун аймактарындагы жаратылыш шарттарынын учурдагы абалынын геоэкологиялык өзгөчөлүктөрү аныкталды. Климаттык мүнөздөмөлөрдүн өзгөрүшүнө байланыштуу ландшафттык зоналардын чектеринин жылышынын тенденциялары байкалаары аныкталды. Чөл жана жарым чөл таксондорунун аймактары кеңейип, экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрдүн булагы болуп калышы мүмкүн.

Түркестан-Алай рудалык тилкесиндеги рудалуу түзүмдөрдүн геологиялык жана минералогиялык-геохимиялык өзгөчөлүк-

төрүнүн негизинде гранитоиддер менен байланышкан кендер - алтын рудалуу жана алтын камтыган кендер.

Изилдөөлөрдүн натыйжасында «Кыргызстандын алтын рудалуу кендери» деп аталган академик Р.Д. Дженчураева баштаган окумуштуулардын монографиясы басылып чыкты.

***Сейсмология институтунда*** Чүй жана Ысык-Көл областтарынын аймактарындагы жер титирөөлөрдү генерациялоочу активдүү жаракалардын карталары түзүлүп, учур магнитудасынын жана үстүртөн толкундардын магнитудасынын мүнөздүү чоңдуктары аныкталды.

Магниттик жана гравитациялык талаалар аномалияларынын өзгөчөлүктөрү боюнча топтоштурулган жер титирөөлөр бөлүнүп алынды.

Физика институтунда Үч-Курт жана Кара-Рече кендеринен электротехникалык керамиканын жаңы массаларын алуу менен байланышкан, патенттер менен корголгон, керамиканын жаңы курамы иштелип чыкты. Рентген, электрондук жана гамма нурдануулары төмөнкү температуралуу дозиметрлөө үчүн монокристалдын негизинде термолюминофор жаралды.

Экологиялык объектилерде спектралдык анализдерди жүргүзүү үчүн Бишкек шаарында үлгүлөрдү тандоону райондоштуруу жүргүзүлдү.

Биринчи болуп суюк гелий чөйрөсүндө ультратөмөнкү температурада иштетилген синтетикалык алмаздын (СА) монокристаллдарындагы кислороддун атомдорунун спектри табылды.

***Машина таануу жана автоматика институтунда*** энергетикалык ресурсту үнөмдөө принциби бар татаал, көп өлчөмдүү динамикалык системаларды оптималдаштыруу жана ыңгайлаштыруу боюнча жаңы фундаменталдык жыйынтыктар иштелип чыкты; Өлчөм мүнөздөгүчтөрү берилген математикалык модели боюнча, патенттелген жаңы түрдөгү микроГЭЧунун компьютердик модели иштелип чыкты.

Ошону менен бирге сызыктуу эмес радиолокация үчүн антенналык бөлүктөрдүн иштөөсүнүн майнаптуулугун жогорулатуунун жаңы ыкмасы иштелип чыкты.

Айлана-чөйрөнүн геоэкологиялык параметрлеринин жана байкоолордун (мисалы, абанын сапатынын индекси болгон PM2.5 оор майда бөлүкчөлөрдүн концентрациясынын) мезгилдик катарларын изилдөө, көрсөтүү жана божомолдоо үчүн моделдерин түзүү улантылды.

Бургулап-соккулоочу амал менен бургулоочу гидравликалык перфоратордун, көчүп кетүү коркунучу бар тоо беттерин бургулап керн алуучу станоктун, бөлүнүү тегиздигинде эки октуу чыңалуу жаратууга негизделген гидрошынаанын проектилери иштелип чыгып, эксперименталдык үлгүлөрү жасалып сыноодон өттү.

***Суу көйгөйлөрү жана гидроэнергетика институтунда*** өлкөбүздүн тоо көлдөрүнүн жарылып кетүү коркунучу боюнча классификациясы, алардын 2020-жылга карата 368 жарып кетүү коркунучу бар көлдөрдүн каталогу түзүлдү. Жарылып чыккан агымдардын селге трансформацияланышы жана кыйратуу энергиясынын күчтөшүн жана ар кандай типтеги тоолуу өрөөндөрүндө кыйратуучу аянтынын аймагынын чоңоюшуна алып келүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен тоолуу көлдөрдүн жарып чыгуусу боюнча баа берилди. 2020-жылы «Кыргызстандын жырылып чыгуу коркунучу бар көлдөр» монографиясы жазылып чыкты. Спутниктерден алынган сүрөттөрдүн негизинде дарыялар бассейнин санариптик моделдештирүүнүн натыйжасында Ысык-Көлдүн суу чогултуучу аянты такталып, азыркы колдонулуп жүргөн 22 080 квадраттык километр эмес, 21 942 квадраттык километр экендиги билинди.

***Математика институтунда*** функциялык катыштары бар объекттердин категориясынын аныктамасы киргизилди. Дифференциалдык теңдемелердин чыгарылыштарын интерполяциялоо жана экстраполяциялоого аларды колдонуунун мүмкүнчүлүгү көрсөтүлдү. Шифрлөө алгоритмин чечмелөөнү кыйындаткан кошумча талап кылуулар иштеп чыгарылды.

Мал кармоочу чарбанын максималдуу кирешесин аныктоо маселесине математикалык модель жана аны чыгаруу ыкмалары иштелип чыккан, мында чарбага алынуучу насыянын көлөмү тандалып алынган ийри мүйүздүү малдын продуктуулугуна жараша аныкталат.

***Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтунда*** 2019-жылы декабрь айында Кумтөр бийик тоолуу рудниктин Лысый мөңгүсүнүн бассейнинде жайгаштырылган үймөктөрүндө пайда болгон жана олуттуу экономикалык зыянга жана адам курмандыктарына алып келген ири техногендик тоо көчкүсүнүн себептери жана триггердик механизмдери аныкталган.

Ош облусунун Өзгөн районундагы Аюу айылынын айланасындагы жер көчкү коркунучундагы тоо боорлорунда тобокелдиктерди баалоо үчүн дрондук тартуу аткарылган. Жер көчкү коркунучундагы участоктордо көз салуу жабдыктары орнотулган жана Аюу айылында тоо көчкү тобокелдигин алдын алуу боюнча сунуштамалар иштелип чыккан.

Кумтөр кен жатагындагы Сары-Төр карьеринин жумушчу капталдарынын туруктуулугу боюнча сунуштамалар иштелип чыккан жана «Кумтор Голд Компани» ЖАКка өткөрүлүп берилген

Экологиялык кырдаалды жакшыртуу максатында котельнаяларда жана Бишкек шаарынын ЖЭБда суу-көмүр отундарын (СКО) колдонуу боюнча сунуштамалар иштелип чыккан.

**Химия-технологиялык, медико-биологиялык жана айыл чарба илимдери бөлүмүнүн илимий иштеринин жыйынтыктарынын эң маанилүүсү катары:**

***Химия жана фитотехнологиялар институтунда*** бактериялардын негизинде пайда болгон ооруларды алдын алуу жана дарылоо максатында фунгициддик эффективдүүлүгү жогору «Кобазол» препараты иштетилип чыгарылды. Жаңы синтезделген татаал кошулмалардын ичинен өзгөчө спецификалык эң жогорку антимикробдук активдүүлүгү бар татаал бирикме цинктин нитратынын дигидраттетраимидазолу («Цинказол») тандалып алынып, ал бирикменин практика жүзүндө колдонууда келечеги бар экендиги аныкталды. Бул бирикменин антимикробдук препарат катары колдонуу методикасы иштелип чыкты жана КР патенти аркылуу корголду. (№3557, берилген датасы 05.10.2020-ж.)



Кальцийдин хлориди менен сырьенун массалык катнашынын нефелин сиениттин күйгүзүү ыкмасы аркылуу ажыратуудагы процесске тийгизген таасири боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Кальцийдин хлориди менен сырьенун массалык катнашы 2:1 болгондо нефелин сиенитинен алюминийдин жана темирдин эритмеге бөлүнүп чыгуусу максималдуу болгондугу көрсөтүлдү. Мында алюминийдин жана темирдин оксидинин бөлүнүп чыгуу даражасы 83,15 жана 64,35 % болгондугу аныкталды.

***Биология институтунда*** - Ысык-Көл өрөөнүнүн Тянь-Шань карагайынын микро участкаларынан Кыргызстандын фаунасы үчүн нематоддордун 1 жаңы түрү аныкталды – Helicotylenchus serentus.

Картошканын түймөлүү нематоддоруна (эл аралык маанидеги карантиндик объект), колорад коңузуна, паршага, фитофторага туруктуу картошканын сортторун тандоо иши жүргүзүлүүдө. Картошка нематоддоруна жана колорад коңузуна туруктуу сорттор Дакота, Даймонд, Калкаска, Мисаки, Болдер экени аныкталды. Отургуза турган материал өндүрүшкө даяр. Бишкек шаарынын жашыл аянттарын пландалган байкоодо зыяндуу курт-кумурскалардын жетөө жана бак-дарактардын жалбырактары менен гүлдөрүнө зыян келтирүүчү кенелердин 10дон ашык түрү аныкталды. Бишкек шаарынын ар кайсы райондорунда жашыл көчөттөрдү отургузууда, алардын фитосанитардык абалына изилдөөлөр башталды. Өсүмдүктөрдүн оорулары аныкталып, алардын таралышынын очогу табылды.

***Биотехнология институтунда*** генетикалык ресурстар банкына асыл тукум жаныбарларды чогултууда кандын гематологиялык жана биохимиялык ингредиенттеринин оптималдуу параметрлери сунушталган.

Биринчи жолу, айрым учурларда генетикалык фактор организмдеги биохимиялык процесстердин жүрүшүнө бир аз таасир эте тургандыгы аныкталды, бул чөйрөнүн паратипиялык шарттары менен ири байланышына жана организмдеги башка көрсөткүчтөр менен корреляциондук бири-бирине таасир берүүсүнө шартталган.

Коёндун вирустук геморрагиялык оорусуна каршы вакцина жасоонун жаңы ыкмасы иштелип чыкты, анын ичинде вирусту өстүрүү, вирус камтыган материалдарды чогултуу, анын жугуштуу активдүүлүгүн аныктоо, инактивациялоо, адъюванттарды киргизүү камтылат. Кыргызстанда биринчи жолу жергиликтүү «КБ - Биотех» штаммынан коёндордун вирустук геморрагиялык оорусуна каршы вакцина даярдалды. Ушул жерде белгилей кетүүчү зарыл нерсе - бул институттун айрым кызматкерлери COVIDке ПЦР анализ жүргүзүүгө медициналык лабораторияларда тынымсыз иш алып барышты.

***Тоо физиологиясы жана медицина көйгөйлөрү институтунда*** Кыргыз Республикасында биринчи жолу тоодо жашаган өспүрүмдөрдүн ден-соолугун сактоо жана чыңдоо үчүн индивидуалдык багыттагы мамилени уюштурууга мүмкүндүк берген ден-соолукту сактоонун технологиясынын жаңы формасы сунушталууда. Бул форма бардык физиологиялык мүнөздөмөлөрдү камтыйт, келечекте профилактикалык иштерди уюштуруу үчүн ден-соолукту чыңдоого жардам берген программаларды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Паспорт ден-соолукту сактоонун бирдиктүү системасын камсыз кылат.

Ошентип, калктын популяциялык ден-соолугунун жана адаптациялык потенциалынын негизги мүнөздөмөлөрү аныкталды. Нарын, Ош жана Ысык-Көл аймактарында деңиз деңгээлинен 2800 метр бийиктикте жашаган тоолуктардын нейрофизиологиялык жана психофизиологиялык мониторингдик изилдөөлөрдүн натыйжасында борбордук нерв системасынын негизги нейродинамикалык мүнөздөмөлөрү жана психофизиологиялык абалы аныкталды. Бул маалыматтар бийик тоолуу аймактын жашоочуларынын маалымат базаларын түзүү үчүн жана регионалдык өзгөчөлүктөрдү жана Электроэнцефолограммалардын нормативдерин эске алуу менен бийик тоолуу аймактарда жашаган өспүрүмдөрдүн ден-соолугунун функционалдык абалынын электрондук паспортторун иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылат. Медициналык көйгөйлөр бөлүмү калктуу конуштардын ичинен инвалиддүүлүктүн интенсивдүү көрсөткүчүн (ИК) изилдөө иштерин жүргүзүштү. Кадамжай районунун жашоочулары үчүн практикалык сунуштар иштелип чыкты, анын ичинде: аймакты булганган кумдан жана топурактан тазалоо, топуракты калыбына келтирүү ыкмаларын иштеп чыгуу, калкты сапаттуу жана таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу.

***Ботаникалык бакта*** 6900 таксонго жакын жогорку өсүмдүктөрдүн коллекциялык фонду сакталды, маданий жана табигый флоранын жаңы 95 түрү, форма жана сорттору, мөмөлүү жана гүлдүү өсүмдүктөрдүн гибриддик формалары менен толукталды. Өсүмдүктөрдүн уруктарынын банкы жергиликтүү флоранын уруктары менен толукталды.

Ботаникалык бактын мөмөлүү өсүмдүктөрүнүн селекциялык иштеринин натыйжасында «Кыргыз Республикасынын аймагында пайдаланууга уруксат берилген өсүмдүктөрдүн гибриддеринин жана сортторунун мамлекеттик реестерине» 3 сорту катталып, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин сортторду сыноо боюнча Мамлекеттик тоолуу Аламүдүн борборуна алманын 2 гибриддик формалары берилди.

**Коомдук илимдер бөлүмүндөгү** илимий институттардын долбоорлорунун натыйжасында ***Экономика институтунда*** изилдөөлөрдө Кыргызстандын узак мөөнөттүү өнүгүү критерийлери, экономиканы модернизациялоонун каржы механизмдерин колдонуунун келечеги, стратегиянын социалдык теңсиздикти кыскартууга багытталышы, эмгек рыногу менен билим берүү кызматтары рыногунун өз ара аракетин шайкеш келтирүүгө, атаандаштыкты өнүктүрүүгө жана экономиканын реалдуу секторундагы ата мекендик товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталышы тандалган. COVID-19дун экономикалык кесепеттерин жоюу боюнча эл аралык тажрыйбасы, экономикалык өнүгүүнүн жаңы артыкчылыктары, өлкөнүн өнүгүү стратегиясына болгон мамилелерди жана социалдык саясаттагы тенденциялары каралган «COVID -19 жана Кыргызстандын экономикасы: биринчи сабактар» аталышындагы монография жарык көрдү.



***Тил жана адабият институту*** фольклордук кыска тексттердин тилдик өзгөчөлүгү; сөздүн маанилери; лингвостилистиканын тил илиминдеги орду; кыргыз-алтай тилдериндеги өлчөм атоолордун стилистикалык маанилери; көркөм стилдеги тексттерди которуунун өзгөчөлүктөрү; түркологияда гидронимдердин изилдениши; кыргыз тилиндеги гипонимдерге стилистикалык илик; сөздүктөрдү компьютерлештирүүнүн жолдору; атооч сөз түркүмдөрүнүн стилистикалык өзгөчөлүгү; кыргыз тилиндеги өсүмдүктөр лексикасынын (чөптөр) этимологиясы сыяктуу илимий багыттарда изилдөөлөр жүргүзүлдү.

***Тарых, археология жана этнология институтунун*** 2010-жылдагы Апрель элдик революциясынын 10 жылдыгына карата: Кыргызстандагы 2010-жылдагы Апрель элдик революциясынын катышуучуларынын өмүр таржымалдары жана жакындарынын эскерүүлөрү камтылган «Түбөлүк каармандар» жана «Элдик жеңиш: хроника жана эскерүүлөр» деген аталыштагы илимий-популярдуу эмгек даярдалып, жарыкка чыгарылды.

Улуу жеңиштин 75 жылдыгына арналган «От фашизма до противостояния: реалии и вызовы времени», өлкөбүздө жашаган этностор тууралуу «Малые этносы в социокультурной системе современного Кыргызстана» жана өлкөбүздүн калкынын эмгек активдүүлүгүн жогорулатуу көйгөйлөрү каралган «Развитие человеческого капитала Кыргызской Республики» деп аталган монографиялары жарык көрдү.

***Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту*** тарабынан «Кыргыздардын философиялык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнүн негизги этаптары (Октябрь мезгилине чейин)» аттуу илимий теманын материалдары жазылды, анда анализдин предмети мифологиялык аң-сезимдин парадигмалары, ислам дини келгенге чейинки ишенимдердин позитивдүү элементтери жана байыркы кыргыздардын эмпирикалык билимдери болуп эсептелет. Байыркы кыргыздардын маданиятынын тереңинде коомдун руханий жашоосунун муктаждыктарына жооп берүүчү, реалисттик ой-пикирдин келип чыгып, алар биринчи кезекте мифтерде, ислам дини келгенге чейинки ишенимдерде жана биздин ата-бабаларыбыздын эмпирикалык билимдеринде көрүнгөн деген ой негизделген.

***Борбордук илимий китепкананын*** ишмердүүлүгү электрондук китепкана түзүү максатында фонддорду санариптеп окурмандарды тейлөөнү автоматташтырууга, окурмандарга керектүү илимий маалыматтарды бүт дүйнөнүн илимий ресурстарынан адаттык жана электрондук жолдор аркылуу камсыздоого багытталды.

2020-жылдан тартып Улуттук илимдер академиясынын курамында ***Терминологиялык сектор*** жана ***Кыргыз энциклопедиясы*** ишин баштады. Бул түзүлүштөрдүн негизги ийгиликтери дагы алдыда.

**Түштүк бөлүмүнүн *Жаратылыш ресурстарын пайдалануу институтунда*** Кызыл-Токой кениндеги глауконитик кумду жибитүү жолу менен бөлүп алуу боюнча иштер жүргүзүлдү. Глауконитик кумдун пахтанын «Кыргыз-5» сортунун түшүмдүүлүгүнө таасир этүүсүн изилдөө боюнча изилдөө иштерин улантуу үчүн тазаланган глауконитердин үлгүлөрү алынды. Сузак районунун Сары-Булак кенинде фосфориттерди байытуу боюнча иштер жүргүзүлдү. Тазаланган фосфориттин үлгүлөрү алынды. Алынган фосфориттер менен пахтанын түшүмдүүлүгүнө таасир этүүсү боюнча изилдөө иштери жүргүзүлдү. Табигый ресурстарга негизделген композиттик отунду өндүрүү технологиясын иштеп чыгууда физикалык жана техникалык мүнөздөмөлөрү бар суюк көп фазалуу (курамдуу) суспензиялар алынды.

***Жалал-Абад илимий борборунун*** изилдөөлөрүнүн негизинде Россиядан алып келинген Энтолек жана Бактоцид ВК33 биологиялык препараттарын эмендин миналоочу таарыгычы, чие таарыгычы, жубайсыз жибек көпөлөгү ж.б. зыянкечтер менен күрөшүүдө Кыргыз Республикасынын аймагында колдонуу үчүн регистрациялоо сунушталат. Андан сырткары аларды башка зыянкечтерге, анын ичинен кара жыгачтын миналоочу таарыгычына, өндүрүштө жана

айыл чарба өсүмдүктөрүнө сыноолорду жүргүзүү сунушталат. Препарат айлана-чөйрөгө жана жылуу кандуу организмдерге коркунучу жок, организмдин клеткаларына кирбейт жана өөрчүбөйт, жугуштуу процесстерди келтирбейт.

Кремнийдик күн батареяларынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында, кремнийге негизделген жогорку эффективдүү клеткаларды колдонуу менен концентрацияланган күн радиациясынын конверсиясын жүргүзүү сунушталууда.

***<u>Гуманитардык жана регионалдык изилдөөлөр институтунда</u>*** Кыргызстандын түштүк борборундагы этникалык көп түрдүүлүктүн түптөлүү этаптары жана негизги факторлор боюнча атайын адабияттарда жана булактарда тарыхый материалдар изилденди. Тарыхый жана маданий мурастын негизги бөлүгү - тарыхый микротопонимиканы этимологиялык жактан изилдөөлөр жүргүзүлдү. Маданий салттар боюнча маалыматтардын үстүнөн талдоо жүргүзүлүп, саясий процесстерге салттардын таасирин тийгизген жана ойногон ролу изилдөөдө колдонулду. Саясий процесстерде салттык институттардын потенциалы коомдо саясий системалардын өнүгүү фактору катары ачылды.

Урматтуу кесиптештер! Жогоруда мен коронавирустун кесепетинен бир топ пландалган илимий иштер аткарылбай калгандыгын айтып өттүм. Ошол эле учурда биздин академиянын мүчөлөрү телевидение менен радиодон мезгили менен чыгып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Өзгөчө биздин академиянын корреспондент-мүчөлөрүн, тактап айтканда А.Т.Жунушовду, Д.А.Адамбековду, А.З.Зурдиновду, Р.З.Нургазиевди атап кетким келет.

Биотехнология институтунун эки кызматкери: эпидемия күчөп турган убагында ПЦР анализ алган лабораторияларда иштешти. Жыл ичинде коронавирус инфекциясынын пайда болушу, таралышы, зыяндуулугу, тийгизген таасири, дарылоо усулдары, вакциналар жөнүндө бүт дүйнөдөн алынган маалыматтар дайджест түрүндө 4 китепче жарык көрдү. Бул китепчелер убагында мамлекеттик органдарга таратылып берилди. Бул дайджесттерди чыгарууда корреспондент-мүчө И. Ашимовдун эмгегин белгилеп коюу керек. Улуттук илимдер академиясынын баардык илимий мекемелеринин кызматкерлери бир күндүк айлык акысын атайын коронавируска каршы ачылган фондго которушту. Андан тышкары Президиумдун кызматкерлери жана Түштүк бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан 120 миң сом өлчөмүндө акча каражаты чогултулуп, медициналык дарылар жана буюмдар сатылып алынып, Ысык-Көл, Нарын, Ош, Жалал-Абад, Чүй областтарынын айылдарындагы медициналык мекемелерге таратылып берилди.

Илимий мекеменин ишин баалоочу негизги көрсөткүчтөрүнүн бири - бул албетте илимий эмгектер, монографиялар, макалалар, патенттер. Отчёттук жылда Улуттук академиянын окумуштуулары тарабынан 1016 илимий эмгек жарыяланды, анын ичинде 64 монография, 858 макала жазылып, 16 патент алынды. Айта кетүүчү нерсе биздин окумуштуулардын эмгектеринин эл аралык рейтинги жогору басылмалардагы санынын өсүшү болду. Эки жыл мурда биз жыл сайын эл аралык басылмалардагы макалалардын санын көбөйтүү максатын алдыга койгондо, биздин мүмкүнчүлүктөрдү эске алып, күмөн санагандар да болду эле. Өткөн жылы РИНЦте -480, SCOPUSта -63, WEB OF SCIENCEде – 45 макала жарык көрдү. Былтыркыга караганда макалалардын саны SCOPUSта дээрлик 2 эсе, ал эми WEB OF SCIENCEде 36 пайызга өстү. Биз бул тенденцияны сактоого аракеттенүүбүз зарыл, анткени бул көрсөткүчтү бүт дүйнө колдонот. Эгерде биз бул тенденцияны сактасак, 2-3 жылдын ичинде эл аралык илимий маалымат чордонунда (SCOPUS, WEB OF SCIENCE, РИНЦ) индексацияланган басылмаларга макалаларды, илимий эмгектерди жарыялоонун деңгээлин жакшы көтөрүп алат элек.

Өткөн жылга коюлган дагы бир маселе каражаттык тартыш учурунда илимди өнүктүрүүнүн маанилүү булагы бул эл аралык байланыштарды колдонуп, биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашыруу болчу. 2020-жылы УИА Эл аралык илимий уюмдар жана чет өлкөлүк илимдер академиялары менен кызматташууну болгон мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп улантты. Институттар эл аралык илимий изилдөө долбоорлорун түзүлгөн



кыйынчылыктарга карабай аткарышты. Өзгөчө экспедиция менен байланышкан изилдөөлөр биздин кызматкерлерден кайраткерликти талап кылды. Киргизилген чектөөлөрдүн натыйжасында кызматташуу, иш-чараларды уюштуруу онлайн түрүндө өтүп жатты. 2020-жылдын 22-сентябрында Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Конрад Аденауэр атындагы Фонду тарабынан уюштурулган «Пандемия шартындагы илим жана билим» темасында Эл аралык онлайн тегерек стол өттү.

Тегерек столго Казакстан Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти, академик М.Ж. Журинов, Тажикстандын Илимдер академиясынын президенти, академик Ф.Х. Рахимов, Өзбекстан Республикасынын Илимдер академиясынын вице-президенттери Б.Т. Ибрагимов, С.З. Мирзаев, ошондой эле илимий-изилдөө институттарынын директорлору, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү, жогорку окуу жайларынын ректорлору катышты. Тегерек столдун катышуучулары пандемиянын кесепеттерин жана илимий-изилдөө институттарынын, университеттердин, колледждердин, мектептердин онлайн режимине жана аралыктан окутууга ыңгайлашуусун талкуулашты.

Сентябрь айында Евразия экономикалык комиссиясынын төрагасынын алдындагы Илимий-техникалык кеңештин отуруму жана КМШга мүчө мамлекеттердин фундаменталдык илим жаатында кызматташуу боюнча кеңешинин VIII жыйыны болуп өттү (онлайн).

Катышуучулар евразиялык интеграцияны өнүктүрүү стратегиясын, илимий-техникалык кызматташтыктын багыттарын жана мамлекеттер аралык программаларды жана инновациялык долбоорлорду ишке ашыруунун келечегин талкуулашты.

Бул иш чаралар УИА жетекчилиги катышкан Эл аралык кызматташуу жаатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы башка өлкөлөр менен кызматташууну өнүктүрүүнү улантууда.

Урматтуу кесиптештер! Өткөн жылы жалпы чогулушта Улуттук илимдер академиясына жаны шайлоолорду өткөрүү жөнүндө сөз болуп, академиянын жетекчилиги, бөлүмдөр менен вакансияларды аныктап, жаңы шайлоолор боюнча жобону Президиумда кабыл алып, жалпы чогулушта тандоо критерийлерине өзгөртүү киргизип, Уставдын негизинде Өкмөткө кайрылдык. Өкмөт ошол убактагы Улуттук илимдер академиясын тейлеген вице-премьер-министр А.Өмүрбекова аркылуу уруксат берген. Бирок коронавирус оорусу, өлкөбүздөгү болуп өткөн саясий окуялар шайлоолорду өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген жок. Азыр жаңы Өкмөт менен макулдашууларды жүргүзүп, ушул жылдын биринчи жарым жылдыгында жаңы шайлоолорду жүргүзүүнү пландап жатабыз. Өкмөттүн чечими менен бекитилген УИАсынын мүчөлөрүнүн чеги 115 адамды, 45 академикти жана 70 корреспондент-мүчөнү түзөт. Учурда бизде 30 академик жана 34 корреспондент-мүчө бар. Демек 15 академиктин жана 36 корреспондент-мүчөнүн вакансиясы бар. Урматтуу академиянын мүчөлөрү ушул жылы болгон мүмкүнчүлүктү пайдаланып, кыргыз илиминин ордосу болгон Улуттук илимдер академиясынын кайра жаралышына салым кошуп, кыргыз илиминин келечегин ойлогон, өлкөсүнүн өнүгүшүнө илимий жана илимий уюштуруучулук салым кошкон активдүү жаңы мүчөлөр менен толуктап алалы.

Урматтуу кесиптештер! Баяндаманы аяктап жатып, 2021-жылга УИАсынын алдына коюла турган негизги маселелер токтоло кетейин. Алар:

- долбоорлордун кайтарымдуулугун жогорулатууну улантуу;
- Баткен облусунун мисалында аймактарды өнүктүрүү боюнча илимий долбоорду иштеп чыгуу;
- илим-изилдөө мекемелеринин материалдык-техникалык базасын жакшыртууну улантуу, өзгөчө жабдуулар паркын жаңыртуу ишин жандандыруу;
- магистратура институтун УИАсына киргизүү;
- эл аралык илимий эмгектер ба-

засындагы УИАсынын кызматкерлеринин макалаларынын санын көбөйтүү;

- Улуттук илимдер академиясынын жаңы мүчөлөрүн шайлоону өткөрүү.

Урматтуу кесиптештер! Үстүбүздөгү жыл өлкөбүз үчүн кескин өзгөрүүнүн жылы болот. Жаңы Президент менен кошо элибиз жаңы башкаруу формасын, президенттик башкарууну тандап алды. Жаңы Конституциянын долбоору биздин Улуттук илимдер академиясында Конституциялык кеңешменин отурумдарында каралып, өзгөртүүлөр киргизилип, Жогорку Кеңешке өткөрүлүп берилди. Жакынкы убакта элдин талкуусуна чыгып, кабыл алынат. Биздин кызматкерлерибиз Конституциялык кеңешменин мүчөсү катары Конституциянын долбоорун талкуулоого активдүү катышып, илимдин ролу тууралуу, Улуттук илимдер академиясынын орду тууралуу жоболорду киргизишти. Президентибиз академияда болгон учурда баардык иш-аракетибиз илимий негизде болуусу керек деп баса белгилеп, бийликке реформаларды ишке ашырууга жардам берүүгө чакырды.

Урматтуу кесиптештер, биз дагы учурдан пайдаланып, илимибиздин мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп, Улуттук илимдер академиясы өлкөбүздүн негизги илимий потенциалы экендигин далилдейли!





*Б. М. Дженбаев*
*КР УИАнын башкы окумуштуу катчысы, биология илимдеринин доктору, профессор*

## КР УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН 2020-ЖЫЛДА АТКАРГАН ИЛИМИЙ-УЮШТУРУУ ИШТЕРИНИН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

2020-жылы КР УИАнын ишмердүүлүгү өткөн 2020-жылы 20-февралда өткөн КР УИАнын Жалпы чогулушунун жылдык сессиясында белгиленген, биринчи кезектеги маанилүү маселелерди ишке ашырууга багытталган. Тилекке каршы, короновирус COVID–19 пандемиясы КРсынын Илимдер академиясынын ишмердүүлүгүнө өз терс таасирин тийгизди, ошого карабастан, кыска жана узак мезгилде өлкөнүн илимий секторун өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгып, илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоого, ошондой эле бул белгиленген багыттардагы ресурстарды топтоого багытталган.

Төрт бөлүмдүн курамында 20 илимий изилдөө мекемелери жана ИИМ Э.З. Гареев атындагы Ботаникалык бак координациялашты. Бөлүмдөрдүн отчету боюнча КР УИАнын кызматкерлеринин саны 1708 адамды (2019-жылы – 1669) түзөт, алардын ичинен 890 – (2019-жылы – 942) илимий кызматкер. КР УИАнын кызматкерлеринин жалпы санынын салыштырмалуу салмагы 54,2% түзөт, 2019 жылга (45,1 %) салыштырганда 9,1 %га көп. Илимий кандидаттардын саны 324, илимдин докторлору – 165, жалпы саны 489 (2019-ж. – 527). Илимий кызматкерлердин санынын азайышы мурдагы жылдардай эле КР УИАнын илимий мекемелерин оптимизациялоого байланыштуу.

КР УИАнын ИИМнин окумуштуулары тарабынан 109 долбоор (2019-жылы – 987) анын ичинен 31 долбоор бюджеттин эсебинен, (2019-ж.-27), гранттык негизде – 31 (2019-ж.-36), чарбалык эсептин негизинде – 51 (2019-жылы-35) аткарылды, пандемия шартында отчеттук жыл ичинде долбоорлордун жана чарбалык келишимдердин эсебинен көбөйүп көбөйгөнү көрүнүп турат.

2020-жылы ИИМди каржылоо – 295774,3 миң сом. Тилекке каршы, отчеттук жылы Ковид-19 пандемиясына байланыштуу каржылоо 58 млн. сомго кыскартылган. ИИМ жөнүндө айта турган болсок: 4916,9 миң сомго продукцияны сатууну эске алганда, эл аралык гранттар боюнча – 49394,9 миң сомго (588,044 миң долл.), чарбалык эсептик келишимдер боюнча-23142,1 миң сомго ( 2019 ж. – 66909,3 миң сом) жүргүзүлгөн.

КР УИАнын окумуштуулары отчеттук жылда 16 техникалык чечими патенттелген, 3 патент берүү жөнүндө оң чечим кабыл алынган. ИИМ жылдык жыйынтыктары боюнча 1016 эмгек жарыяланган (2019-ж. – 1062), анын ичинен 425 чет өлкөдө жарык көргөн. РИНЦ индексиндеги журналдарда - 480 (2019-ж.-440), Scopus – 63 ( 2019-ж. – 33), Web of Science – 45 ( 2019-ж. – 33).

КР УИАнын илимий кызматкерлери отчеттук мезгилде 31 (2019 жылы – 47) илимий конференцияны, анын ичинде эл аралык илимий конференцияларды уюштурушту жана катышышты, ошондой эле башка өлкөлөрдүн, уюмдардын жана ЖОЖдордун 398 (2019-жылы-550) конференцияларына онлайндын негизде катышты. 2020-жылы 10 доктордук (2019-жылы-14) жана 19 кандидаттык диссертациялар жакталды

(2019-жылы-44). Тилекке каршы, диссертациялардын коргоолордун көбү пандемия учурунда токтотулган.

КР Улуттук илимдер академиясынын аспирантурасында 448 аспирант окуйт (2019 – жылы – 434), анын ичинде күндүзгү – 122 (анын ичинен 98и стипендия, 24ү келишимге ылайык), сырттан-326. Отчеттук жылы аспирантурага 119 адам өттү, алардын ичинен 29 күндүзгү окуу формасына, 90 сырттан окууга, ошондой эле үчөө КМШ Республикаларынын мекемелеринин ортосундагы макулдашуу боюнча.

КР УИАнын 35 жашка чейинки илимпоздорунун салыштырма салмагы 24,3% түзөт, өткөн жылга салыштырганда жаш адистердин саны бир аз көбөйдү (22,54% – 2019-ж.). КР УИАнын Бөлүмдөрү боюнча: ФТМжТГИ – 22%, ХТБжАЧИ – 25,1%, Коомдук илимдер бөлүмү – 30%, Түштүк бөлүмү – 20,35%. КР УИАнын 220 кызматкери, алардын ичинен 81 илимдин доктору жана 140 илимдердин кандидаттары жогорку окуу жайларда айкалыштырып иштеп келишет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясында 2020-жылы КР УИАнын жалпы чогулушунун 1-сессиясы өткөрүлгөн.

Бул 2020-жылдын 20-февралында өткөн жылдык сессиясында Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын жалпы чогулушунунда 2019-жылдын отчетун кабыл алган жана КР УИАнын 2020-жылга карата ишмердүүлүгүнүн жана жаңы максаттар коюлду.

КР УИАнын Президиумунун 11 отуруму өттү (анын ичинен план боюнча – 11, сурамжылоо ыкмасы менен – 6), анда нормативдик-укуктук документтерге өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу маселелер, ошондой эле учурдагы маселелер ж. б. талкууланды. КР УИАнын ишмердүүлүгүнүн маселелер боюнча 54 токтом кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Илим күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Президентинин м.а. С. Н. Жапаровдун катышуусу менен салтанаттуу жыйын өткөрүлдү, ошондой эле академиктер, корреспондент-мүчөлөрү, КР УИАнын ИИМ директорлору катышты. КР УИАнын ИИМнин илимий жетишкендиктеринин жана реализациялоого даяр иштеп чыгуулардын көргөзмөсү уюштурулду.

Улуттук илимдер академиясынын системасында көп жылдык жана ак ниет эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы менен 2 адам сыйланды, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин атынан энчилүү кол саат -1, КР УИАнын 5 кызматкерине «КР УИАнын эмгек сиңирген кызматкери» наамы, КР УИАнын Ардак грамотасы – 15 кызматкерге жана Грамотасы - 15 кызматкерге ыйгарылган. Академик Д. К. Кудаяров I даражадагы «Манас» ордени менен, академик М. М. Мамакеев - II даражадагы «Манас» ордени менен, КР УИАнын корр.-мүчөсү А. А. Асанканов «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ишмери» наамы менен сыйланышты.

**31.12.2020 - жылга кирүү жана чыгуу иш- кагаздары тууралуу маалымат:**

Отчеттук мезгилде 1163 кат-кабарлар келип түшкөн. Алардын 263си электрондук почта менен келип түшкөн. Почта аркылуу - 994 кат-кабарларды жөнөтүлгөн, анын ичинде:

*1. Кыргыз Республикасынын Президентине-5;*
*2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына - 42;*
*3. Кыргыз Республикасынын Премьер-Министрине -18;*
*4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине -30;*
*5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына -92;*
*6. КМШ өлкөлөрүнүн илимдер академияларына -26;*
*7. Алыскы чет өлкөлөргө -17;*
*8. Министрликтер жана ведомстволор-764.*



КР Өкмөтүнүн 44 долбоорлорунун токтомдору, буйруктары, долбоорлордун келишимдери ж.б. макулдашууга түштү. КР УИА тийиштүү органдарга өзүнүн толуктоолорун, сын-пикирлерин жана сунуштарын берген.

КР УИАнын «Илим» Басма борбору 2020-жылы 4 журнал, 1 китеп, 1 монография, 2 окуу куралы, 8 брошюраны чыгарган.2020-жылдын жыйынтыгы боюнча «Илим» Басма борборунун кызматкерлеринин ишти өз убагында жана жигердүү аткаргандыгынын жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын ЖАКнын президиумунун 2020-жылдын 29-декабрындагы № 142 токтому боюнча басмакананын сайтынын маалыматтар базасында басылманын толук тексттүү версиясына (8 балл) жана РИНЦке киргизүүгө (IF -0,032) (10 балл), б.а. эки эсеге, – 18 баллга өстү.



*К.Ч.Кожогулов*
*КР УИАнын Физика-техникалык, математика, тоо-кен жана геологиялык илимдер бөлүмүнүн төрагасы, корреспондент-мүчөсү*

## КР УИАнын ФИЗИКА-ТЕХНИКАЛЫК, МАТЕМАТИКАЛЫК ЖАНА ТОО-КЕН-ГЕОЛОГИЯЛЫК ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮНҮН 2020-ЖЫЛ БОЮНЧА КЫСКАЧА ЖЫЛДЫК ОТЧЕТУ

Физика-техникалык, математикалык жана тоо-кен-геологиялык илимдер бөлүмүнүн курамына 7 илимий- изилдөө институту кирет.

Илимий-изилдөө институттардын структурасында 48 илимий-изилдөө лабораториясы бар: Кооптуу гидрологиялык процесстерди изилдөө боюнча Ала-Арча полигону, Тянь-Шань бийик тоо илимий борбору, Эксперименталдык-технологиялык борбор, Метрология жана стандарттоо бөлүмү, «Шакирт» инженердик борбору, эки Эл аралык борбор – Илимий-техникалык кызматташуу боюнча Кыргыз-Кытай борбору жана Борбор Азияны курчап турган чөйрө жана экология илимий-изилдөө борбору (ШКУнун алкагында), «Геоприбор» илимий-изилдөө борбору, «Геосервис» илимий долбоорлоо борбору, мындан сырткары - 2 борбор.

Физика-техникалык, математика, тоо-кен жана геологиялык илимдер бөлүмүнүн илимий-изилдөө институттарында 713 адам иштейт, анын ичинен 315и илимий кызматкер, алардын ичинен 67си илимдин доктору жана 125и илимдин кандидаты.

Бөлүмдүн курамында бүгүнкү күнү 10 академик жана 8 корреспондент-мүчө бар.

Илимий тейлөө кызматкерлери 251, техперсонал-96. 35 жашка чейинки жаш кадрлардын салыштырма салмагы - 22%. 2020-жылы КР УИАнын ФТМжТКГИ бөлүмүндө бюджеттин эсебинен каржыланган 13 илимий долбоор боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Каржылоо жалпысынан – 113511,7 миң сомду түздү.

Бюджеттен тышкары каржылоолор: чарбалык келишим боюнча 39 эмгек 22688,5 миң сомго, Эл аралык фонддор боюнча 5 грант 330,844 миң АКШ долларына аткарылган.

Физика-техникалык, математика, тоо-кен жана геологиялык илимдер бөлүмүнүн окумуштуулары тарабынан илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары боюнча отчёттук жылда жалпысынан 349 эмгек жарыяланып, анын ичинен 143 эмгек чет өлкөлөрдө басылган, 22 монография, анын ичинен 13 монография чет өлкөдө жарыяланган. Web of Science индекси менен - 33, SCOPUSта – 46, РИНЦте – 286 макала жарыяланды.

Бөлүмдүн институттарында 21 адистик боюнча 8 диссертациялык кеңеш иштейт жана ошондой эле 1 докторлук, 8 кандидаттык диссертация жакталган. Бөлүмдүн адистиктери боюнча 54 аспирант окуйт.

Бөлүмдүн окумуштуулары иштелмелерге 12 патент 3 чечим алууга жетишишти жана долбоорго 1 экспертиза жүргүзүлдү. Бөлүмдүн илимий-изилдөө мекемелери 5 Эл аралык конференция, семинар мектебин өткөрүшүп, 71 Эл аралык жана республикалык конференцияларга катышышты.



## МАТЕМАТИКА ИНСТИТУТУ

*Институтта 6 илимий - изилдөө лабораториясы бар. Кызматкерлердин саны – 51, анын ичинен 33 илимий кызматкер, 9 илимдин доктору, анын ичинен 1 академик, 1 корреспондент-мүчө жана 16 илимдин кандидаты бар. Жаш илимпоздордун саны 14,5 % түзөт.*

**ДОЛБООР: «Топологиялык жана кинематикалык мейкиндиктердин, дифференциалдык жана интегро-дифференциалдык теңдемелердин эң маанилүү класстарын изилдөө жана экономикалык системалардын математикалык моделдерин иштеп чыгуу».** Регистрациялык номер № 0007730, аткарылуучу убагы - 2020-жыл, жетекчиси: академик Борубаев. А.А.

Бюждет: 8319,0 мин сом.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Функционалдык анализдин негизги принциптерин жайылтуунун шарттары көрсөтүлгөн: ачыктыгы, үзгүлтүксүз сызыктуу функционалдык жана чектелген сызыктуу операторлордун банахалык жана нормага салынган мейкиндиктердин классынан (τ-банах жана (τ- нормаланган) мейкиндигине уланууcу.



Бир калыптуу мейкиндиктердин жана бир калыптуу үзгүлтүксүз чагылдыруулардын өсүмдүлөрүнүн толук чектелгендигинин жана компактуулугунун зарыл жана жетиштүү шарттары табылган.

Динамикалык системалардын чыгарылыш тарынын мейкиндигинде төмөнкүдөй хаусдорфтук асимптотикалык эквиваленттүүлүктүн түшүнүгү киргизилди: убакыт өскөндө аргументин кайра калыбына келтирүүчү өзгөртүү менен чыгарылыштардын бири-бирине чексиз жакындоосу. Дал келген фактор-мейкиндик жаңы математикалык объекттерди жарата турганы көрсөтүлөт. Функциялык катыштары бар объекттердин категориясынын аныктамасы киргизилди. Дифференциалдык теңдемелердин чыгары-лыштарын интерполяциялоо жана экс-траполяциялоого аларды колдонуунун мүмкүнчүлүгү көрсөтүлдү.





Шифрлөө алгоритмин чечмелөөнү кыйындаткан кошумча талап кылуулар иштеп чыгарылды. Вольтерра тибиндеги сызыктуу биринчи тартиптеги кечигүүчү аргументтүү интегро-дифференциалдык теңдеменин чыгарылыштарынын асимптотикалык касиет-терин (жарым окто чектелгендигин, нөлгө умтулуусун ж.б.) изилдөө үчүн Ляпуновдун функционалы түзүлдү.

Вольтерра тибиндеги сызыктуу сымал биринчи тартиптеги жарым октогу интегро-дифференциалдык теңдеменин чыгарылыштарын баалоо жана нөлгө умтулуусу (асимптотикалык кичинелиги) үчүн жетиштүү шарттар системага стандарттык эмес келтирүү, теңдемелерди квадратка көтөрүү, интегралдык барабарсыздыктар методдорунун жардамы менен, Коши-Буняковскийдин барабарсыздыгын, Люстерник-Соболевдин леммасын колдонуу аркылуу табылды.

Чыгарылыштарды өзгөртүп түзүү ыкмасы менен өзгөчөлүгү бар Вольтерра интегралдык теңдемелер системасынын чыгарылыштарынын асимптотикалык түзүлүшү

тургузулду. Өзгөчөлүгү бар Вольтерра интегралдык жана интегро-дифференциалдык теңдемеле-ринин өздүк маанилери жана өздүк функциялары бар экендиги табылды.

Көз карандысыз эки өзгөрүлмөлүү үчүнчү түрдөгү сызыктуу интегралдык теңдемелердин чечимдеринин жалгыздык теоремалары далилденген. Регуляризациялоочу операторлор көз карандысыз эки өзгөрүлмөлүү биринчи типтеги сызыктуу Стильтес интегралдык теңдемелер системасынын чечимдери үчүн курулган.

Мал кармоочу чарбанын максималдуу кирешесин аныктоо маселесине математикалык модель жана аны чыгаруу ыкмалары иштелип чыккан, мында чарбага алынуучу насыянын көлөмү тандалып алынган ийри мүйүздүү малдын продуктуулугуна жараша аныкталат. Төмөндөгү математикалык моделдерди иштеп чыккандыгы үчүн Кыргызпатенттен автордук укук күбөлүктөрүнө ээ болушкан:







«Коммуналдык чарбанын транспорт каражаттарын шаардагы таштандыларды ташуу райондоруна оптималдуу бөлүштүрүү маселеси» (авторлор: Борубаев А.А., Жусупбаев А., Асанкулова М.). Кыргызпатент, № 3850 автордук укук күбөлүгү, илимий изилдөөнүн кол жазмасы, 24.02.2020.

«Экономикалык тармактарды адистештирүү – Кыргыз Республикасынын региондорун өнүктүрүүнүн негизи» (авторлор: Борубаев А.А., Джумабаев К.Дж., Жусупбаев А., Асанкулова М.). Кыргызпатент, № 3907 автордук укук күбөлүгү, монография, 24.06.2020.

### Илимий-уюштуруу ишмердиги:

Отчеттук жылда «КР УИАнын Математика институтунун вестник» журналынын 2 номери (№1, №2) чыкты. Жарыяланган илимий иштердин жалпы саны – 43 (анын ичинде 11и чет өлкөдө, анын ичинен индекстелген журналдардагы макалалар: SCI - 9, РИНЦ-2, макалалар - 35, монографиялар - 2, 1 окуу методикалык китепче (КР ИжБМнин грифи менен) жана 5 тезис (баардыгы чет өлкөдө чыкты), 5 макала басмада даяр турат.

«КР аймагындагы агрардык экономиканын математикалык модели» деген аталыштагы КР УИАнын изилдөө долбоорлорунун негизинде илимий -практикалык конференция болуп өттү.

Эл аралык онлайн конференцияларда институттун кызматкерлери тарабынан 1 пленардык доклад жана 8 секциялык доклад - анын ичинде 2 доклад чет өлкөдө окулду.

Д 01.19.598 Диссертациялык кеңешинде 3 диссертация: анын ичинде 1 докторлук жана 2 кандидаттык (анын ичинде институттун бир кызматкери) диссертация жакталды.



## МАШИНА ТААНУУ жана АВТОМАТИКА ИНСТИТУТУ

*Институтта 12 илимий- изилдөө лабораториясы бар. Кызматкерлердин саны – 139, анын ичинен 15 илимдин доктору жана 28 илимдин кандидаттары болуп, жалпысынан 55 илимий кызматкер эмгектенет. Жаш илимпоздордун саны 38 % түзөт.*

Бюджет: 19409,3 миң сом.

**№1 ДОЛБООР: «Өзүн-өзү уюштурган жана ыңгайлашылган татаал динамикалуу процесстерди башкаруунун жана турукташтыруунун алгоритмдерин иштеп чыгуу. Альтернативдик энергия булактардын, мейкиндикте бөлүштүрүлгөн техникалык объектилерди жана микроГЭСтердин иштөө режимдерин башкаруу жана автоматташтырылган зымсыз мониторинг жасоо системасын иштеп чыгуу».** Регистрациялык номер № 0007451, аткарылуучу убагы - 2018-2020-жж., долбоордун жетекчиси – КРнын УИАсынын мүчө-корреспонденти Ж.Ш. Шаршеналиев.

### Маанилүү жыйынтыктар:

-Энергетикалык ресурсту үнөмдөө принциби бар, ошондой эле татаал, көп өлчөмдүү динамикалык системаларды оптималдаштыруу жана ыңгайлаштыруу боюнча жаңы фундаменталдык жыйынтыктар иштелип чыкты.

-Өлчөм мүнөздөгүчтөрү берилген математикалык модели боюнча, патенттелген жаңы түрдөгү микроГЭЧунун компьютердик модели иштелип чыкты.

-Сызыктуу эмес радиолокация үчүн антенналык бөлүктөрдүн иштөөсүнүн майнаптуулугун жогорулатуунун жаңы ыкмасы иштелип чыкты.

**№2 ДОЛБООР: «Геоэкосферанын абалын контролдоо каражаттарын жана инновациялык методдорун иштеп чыгуу».** Регистрациялык № 0007452, аткарылуучу убагы - 2018-2020-жж., Долбоордун жетекчиси – т.и.д., профессор Брякин И.В.

### Маанилүү жыйынтыктар:

-Тереңдетилген нейрондук тармактардын негизинде убакыттык катарларды кайрадан иштеп чыгуу технологиялары иштелип чыкты. Берилиштерди чогултуучу ЛКард Е502 платанын базасында магниттик ченегичтин индуктивдүү компоненттеринин өлчөм мүнөздөгүчтөрүн аныктоочу түзүлүш иштелип чыкты;



*ЖТЭМТ өлчөө үчүн гибриддик антенналык модуль*

-Иштелип чыккан нейротармактык LSTM классификатордун негизинде Бишкек шаарындагы абанын сапатынын индекстер классын (AQI) божомолдоо үчүн модель тургузулду.

-Магниттик-электрдик резонанстын жана төмөнкү жыштыктагы айлануу-поляризациялоо майнаптуулугунун негизинде табигый физикалык талаалардын сенсорлорун тургузуунун жаңы принциптери иштелип чыкты.




*Индукциялык зондирлөө ыкмасы*

-Жер алдындагы объектилерди зондирлөө үчүн жаңы ыкмасы иштелип чыкты;

-Ферозонддук билдиргичтерди дүүлүктүрүүнүн жаңы ыкмасы иштелип чыкты;

-Эки коңшу өлчөөчү чекиттерде суу агымынын кинематикалык мүнөздөгүчтөрүн өлчөөнүн көз карандысыз аралыгын аныктоо ыкмасы жана алгоритми иштелип чыкты.

**№3 ДОЛБООР: «АСКУЭни өнүктүрүү максатында диогноздоочу жана башкаруучу чакан тутумду түзүү үчүн инновациялык технологияларды жана илимий негиздерди иштеп чыгуу».** Регистрациялык № 0007500, аткарылуучу убагы - 2018-2020-жж., долбоордун жетекчиси - КР УИАнын корр.-мүчөсү Т.Т. Оморов.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

-Чыңалуусу 0,4 кВ бөлүштүрүү тармактарын симметриялоо жараяндарынын АБСнын санарип жөндөгүчүнүн иштөөсүнүн алгоритми иштелип чыкты.

-АБСнын аткаруучу мүчөсү болгон фазалык токтордун коммутаторунун (ФТК) лабораториялык үлгүсү иштелип чыкты жана жасалды;

-Чыңалуусу 0,4 кВ бөлүштүрүү тармагынын жөнөкөй түзүлүшүнүн эксперименталдык сынамасы (физикалык модели) жасалды.

**№4 ДОЛБООР: «Кыргызстандын негизги өнөр жай тармактары үчүн импорт алмаштыруучу техника жана технологияларын иштеп чыгаруу».**

Регистрациялык № 0007512, аткарылуучу убагы - 2018-2020-жж., долбоордун жетекчиси – академик М.С. Джуматаев.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

-Асинхрондук электриштеткичтүү М10-19 көчмө ургулагычтын эксперименталдык үлгүсүнүн конструкциясы жасалып чыгарылды. Ургулагычтын эки модели Сүлүктү шаарындагы көмүр казуучу шахталарында апробациядан өткөрүлдү.

-Тик тоо капталынан 10 метр тереңдиктен тоо тегин алуунун чыгырылып жаткан бургулоочу техниканы колдонуусунун баалоосу аткарылды.

-Тик тоо капталынан тоо тектин кичирейтилген диаметрде алуучу бургулоочу



топурак соргучтун конструктивдүү өзгөчөлүктөрү аныкталды жана ар кандай тоо шарттарына байланыштуу бир нече варианттары иштелип чыгарылды;

-Тоо-таштарды сокку-бурама жолу менен бургулоо үчүн, сокку энергиясы 250 Дж болгон перфоратордун конструкциясы иштелип чыкты.

-250 Дж уруучу энергиясы бар перфоратордун эксперименталдык үлгүсү жасалып чыгарылды.

-Өзгөрүлмө тутумдуу динамикалык байланыштуу 30 Дж ургулоо энергиялуу ургулоочу кол машина иштеп чыгарылды.

-Атайын сынаманын дубалчасынын майышуусун эсепке алуусу менен ар кандай жылчыктын чоңдугуна карата суюктуктун басымга байланыштуу сарпталышынын көз карандылыгы аныкталды.

-Апааттан куткаруучу иштерди аткаруучу гидравликалык аспаптарынын конструкциялары иштелип чыгарылды жана конструктивдүү өзгөчөлүктөрү аныкталды.



*250 Дж ургулоо энергиялуу гидравликалык эксперименталдык перфоратордун үлгүсү*



*Кол ургулоочу машиналардын өлчөм мүнөздөгүчтөрүн изилдөөчү сынама стенди*

**Илимий-уюштуруу ишмердиги:**

2020-жылы кызматкерлер тарабынан 3 монография, илимий басылмаларда 56 макала, анын ичинде 21 чет өлкөлүк, маанилүү импакт-факторго ээ (1 - Scopus басмада) жарык көрдү, Эл аралык конференцияларда 20 доклад жасалды. Техникалык ЖОЖ студенттери эсептөө-графикалык тапшырмаларды аткарыш үчүн 1 усулдук колдонмо жарык көрдү, КР 7 патенти алынды, патентти алуу үчүн 1 чечим кабыл алынды, ойлоп табууга 6 табыштама берилди.

Д 05.18.576 диссертациялык кеңеште 1 кандидаттык диссертация жана Д 05.18.579 диссертациялык кеңеште 1 кандидаттык диссертация жакталды.

«Проблемы автоматики и управления» журналында 2019-жылы № 2 (37), 2020- жылы - № 1 (38) басылып чыкты; «Машиноведение» журналында 2019-жылы № 2 (10), 2020-жылы - № 1 (11) басылып чыгарылды.

## СУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ жана ГИДРОЭНЕРГЕТИКА ИНСТИТУТУ

*Институтта 6 илимий-изилдөө лабораториясы бар. Кызматкерлердин саны – 79, анын ичинде илимдин кызматкерлери -31, анын ичинде 5 илимдин доктору жана 17 илимдин кандидаты эмгектенет. Жаш илимпоздордун саны 23,3 % түзөт.*

**ДОЛБООР: «Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен Түндүк Кыргызстандын жана Нарын чөлкөмүнүн негизги дарыя чөлкөмдөрүнүн суу жана гидроэнергетикалык ресурстарына мониторинг жүргүзүүнүн илимий негиздерин иштеп чыгуу».** Аткарылуучу убагы - 2016-2020-жылдар, долбоордун илимий жетекчиси: КР УИАнын академиги, т.и.д. *Д.М. Маматканов.* Бюджет 12630,3 миң сом.

### Маанилүү жыйынтыктар:

Климаттык өзгөрүүлөрдү баалоо (температура, жаан-чачын) Кыргыз гидрометерологиялык тармагынын маалыматтарын пайдалануу менен жүргүзүлдү. Нарын, Бишкек, Чолпон-Ата шаарынын метеорологиялык станциялары (МС) үчүн орточо сезондук, суук, жылуу мезгилдердин жана жылдык орточо температуранын сызыктуу тенденциялары 90 жыл бою эсептелген. Бул жыл бою орточо температуранын 2,2 - 2,7 ° С жогорулагандыгын көрсөттү.

Өлчөөчү станциялардын жабылышына жана гидрологиялык маалыматтардын көлөмүнүн азайышына байланыштуу гидрологиялык аналогия ыкмасынын негизинде гидрологиялык байкоолордун сериясы калыбына келтирилди. Эсептелген регрессиялык теңдемелерге ылайык, суунун орточо жылдык чыгышы калыбына келтирилген: дарыя бассейнинде. Нарын шаары боюнча суунун орточо чыгымынын 788 мааниси, бул жалпы маалыматтын 40% түзөт; дарыя бассейнинде Чу 396, же 44,3%; Ысык-Көлдүн бассейнинде 437, же 30% бар.




*Нарын дарыясы-Нарын шаарынын өлчөөчү станциясындагы суунун агып чыгышы, анын орточо жылышы жана тенденциясы*

Нарын, Чүй жана Ысык-Көл бассейндериндеги дарыялар боюнча ар кандай мезгилдерде (1973-жылдан 2000-жылга чейин, 2001-жылдан 2017-жылга чейин) реконструкцияланган гидрометриялык маалыматтардын негизинде төмөнкүдөй гидрологиялык мүнөздөмөлөр эсептелген: жылдык агымдын ылдамдыгы, агын модулу, вариация коэффициенти, ар кандай коопсуздуктун жылдык агымы. Дарыялар агып чыгуучу суулардын узак мөөнөттүү термелүүлөрүнө жараша, каралып жаткан бардык дарыялар үчүн интегралдык-айырма ийри графиктеринин негизинде топтоштурулган. Климаттын өзгөрүү шарттарындагы Нарын дарыясынын жана Токтогул суу сактагычтарынын суу-энергетикалык потенциалдары изилденген жана такталган. ГЭСтин Төмөн-Нарын каскадындагы электр энергияны оптималдуу



өндүрүүнүн сунуштары иштелип чыкты.

Чүй өрөөнүнүн жер астындагы сууларына трансчегаралык мониторингинин жүргүзүү схемасы иштелип чыккан жана негизделген. Көлөмдүү стационардык эмес фильтрациялык моделдин базасында суулуу горизонттордун азыктуулугунун өзгөрүшүнүн байкоо скважиналарындагы режимге карата таасирине сандык баа берүү системасы түзүлгөн.



*Чүй өрөөнүнүн борбордук бөлүгүнө чек ара мониторинги үчүн сунушталып жаткан створлор*

Тоолуу көлдөрдүн жарып чыгышына байланыштуу классификациясы иштелип чыккан. Курамы жана алардын плотиналарын куруу боюнча жарылып чыгуу коркунучу бар көлдөрдү генезиси менен типтештирүү жүргүзүлгөн, көлдөрдүн типтери жана түрчөлөргө бөлүнгөн (сүрөт.1). Ар бир тип жана түрчө үчүн тоо көлдөрүнүн жарылып кетүү коркунуч критерийлери иштелип чыкты. Кыргызстандын 2020-жылы 368 жарылып кетүү коркунучу бар көлдөрдү камтыган, жарылып кетүү коркунучу бар көлдөрүнүн каталогу иштелип чыкты жана толукталып жатат. 2020-жылы «Кыргызстандын жарылып чыгуу коркунучу бар көлдөр» монографиясы жазылып чыкты. Жарылып чыккан агымддардын селге трансформацияланышы жана кыйратуу



*Сүрөт 1.Типтүү мореналык-муздуу Аксай коллунун мисалы (жебе менен көрсөтүлгөн)*

энергиясынын күчтөшүн жана ар кандай типтеги тоолуу өрөөндөрүндө кыйратуучу аянтынын аймагынын чоңоюшуна алып келүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен тоолуу көлдөрдүн жарып чыгуусу боюнча баа берилди. Жарылып чыккан агымдардын селге трансформациялоонуучу факторлору аныкталды. Тоолуу өрөөндөрдүн селге тийгизген активдүүлүгүнө баа берилген. Селдин активдүүлүгү заманбап морећналардан көз карандылыгы көрсөтүлгөн. Сел-суу ташкындарынын зонасын аныктоо методикасы берилген.

Бийик тоолуу көлдүн гляциологиялык станциясы Адыгене базасында жарылып чыгуучу көлдөрдун өнүгүүсүнө мониторинг жана анын ичинде режимдик байкоо уюштурулуп, жүргүзүлүп жатат. Ала-Арча суусунун өрөөнүндө сел коркунучун азайтуу үчүн сел жүрүү коркунучу тууралуу билдирүүсүнүн автоматтык тутуму иштелип чыккан жана колдонулуп жатат. Жарылып кетүү коркунучу бар мөңгүлүү-мореналык көлдөрүн жасалма жол менен жокко чыгаруу үчүн сууну этап менен чыгаруу ыкмасы сунуш кылынган (Петров көлүнүн мисалында). Кыргыз Ала-Тоо кыркасында жайгашкан пилоттук дарыя чөлкөмдөрүнүн мисалында Чүй облусунун тоо экосистемаларынын абалына экологиялык диагностика жүргүзүлдү. Аларды калыбына келтирүү боюнча сунуштар иштелип чыккан.

Кыймылдуу жана стационардык булактардан булгоочу заттардын атмосферага чыгуусунун таасирине алдын-ала баа берүү жүргүзүлдү. 2019-жылы автоунаалар менен күйүүчү май литр/100 км керектөөнүн ар кандай варианттары менен кыймылдуу булактардан чыккан булгоочу заттардын чыгышы 367,473,7 - 514,463,2 тоннанын чегинде болгон. 2019-жылы жылытылган жеке сектордон атмосфералык абага чыккан булгоочу заттардын чыгышы 58 956,6 тоннаны түздү. Жалпысынан алганда, 2019-жылы Бишкек шаарында булгоочу заттардын чыгуусу 448,430,3 - 595,419,7 тоннаны түздү. Алардын ичинен кыймылдуу булактардан булгоочу заттардын жалпы чыгарылышынын 81,9 - 86,4%, жеке сектор 9,9 - 13,1% түзөт, булгоочу заттардын стационардык булактарынан (анын ичинде Бишкек шаарындагы ТЭЦ) булгоочу заттардын жалпы чыгарылышынын 3,6 - 4,9% түзөт.

Жыйынтыгында санариптештирилген дарыялардын бассейнинин модели, спутниктик сүрөттөрдүн негизинде биринчи жолу алынды жана эсептелинип анын негизинде суу чогултуу (водосбор) аянты эсептелинип алынды. Алынган эсептөөлөрдүн негизинде Ысык-Көл суу чогултуу (водосбор) жалпы аянты 21 942 км$^2$ түзүү менен 138 км$^2$ же 0,6 пайызга аз экендиги такталып чыкты. Себеби, атласта 22080 км$^2$ деп көрсөтүлүп келет.




*Сүрөт. Ыссык-Көл бассейнин жана дарыялардын бассейни*



Жыргалаң дарыясынын суу чогултуу (водосбор) аянты AW3D30 спутниктен алынган сүрөтү аркылуу аныкталып, бүгүнкү күндө колдонулуп жаткан жалпы аянтынын жыйынтыгы 69 км$^2$ түзүү менен 2070 км$^2$ же +3,3 % көп колдонулуп жаткандыгы такталды.

Түп дарыясынын суу чогултуу (водосбор) жалпы аянты 1207 км$^2$ түздү. Бул көрсөткүчтөн 27 км$^2$ көп экендигин, бүгүнкү күндө колдонулуп жаткан жалпы аянттан 1180 км$^2$ же +1,1 пайызга көп экендиги аныкталды.

Бүткүл Борбордук Азиядагыдай эле Кыргыз Республикасында мөңгүлөрдүн эриши глобалдык жылуулуктан улам келип чыккан табигый себептерден улам болоору аныкталды. 1970-жылдардын аягынан бери дарыянын агымынын кескин көбөйүшү - бул мөңгүлөрдүн топтолгон салмактык балансынын кескин төмөн түшүшү көрсөткөндөй, алардын эрүү тенденцияларынын тездешинин натыйжасы.

Математикалык моделдөө методун колдонуп, ар кандай климаттык сценарийлер боюнча Сары-Төр мөңгүсүнүн табигый эволюциясынын божомолуна ылайык, температуранын 2-4°C/100 жылга жогорулашы менен, Нарын дарыясынын жалпы агын сууларында мөңгү сууларынын агымынын үлүшү 2011-жылы 9% ке өскөнү байкалат жана кийинки он жылдыкта 11% түздү.

Абанын температурасынын жогорулашы, дарыялардагы суунун агымы жана сугат үчүн сууну пайдалануу менен Ысык-Көлдүн деңгээлинин убактылуу өзгөрүшүнүн ортосундагы байланыш аныкталды. Көлдүн деңгээли 1998-жылдан 2012-жылга чейин 1,0 метр көтөрүлүшү: мөңгүлөрдүн эрүү мезгилинде абанын орточо айлык температурасы 0,70С жогорулашынан; мөңгүлөрдөн эрип чыккан суунун эсебинен дарыянын агымынын сезилерлик көбөйүшү; орточо жаан-чачындын саны нормадан 35 мм. жогору болушу; 1970-1980-жылдарга салыштырмалуу сугат үчүн сууну алуунун көлөмүнүн 2 эсе азайышы.

Акыркы жылдары (2013-2020-жж.) көлдүн деңгээлинин төмөндөө тенденциясы негизинен климаттык факторлорго байланыштуу.

**Илимий-уюштуруу ишмердиги:**

2020-жылы институттун кызматкерлери тарабынан жарыяланган илимий иштердин жалпы саны - 20, анын ичинде монографиялар – 1, окуу усулдук китеп- 1, макалалар - 18 (анын ичинде чет өлкөдө 7: индекстелген журналдардагы макалалар: Scopus - 3, РИНЦ - 9, Web of science - 3).

## М.М. АДЫШЕВ атындагы ГЕОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ

*Институтта 4 илимий- изилдөө лабораториясы бар. Кызматкерлердин саны – 70, анын ичинде 5 илимдин доктору жана 11 илимдин кандидаты болуп, жалпысынан 47 илимий кызматкер эмгектенет. Жаш илимпоздордун саны 21 % түзөт.*

**ДОЛБООР: «Кыргызстандын жаратылыш ресурстарын рационалдуу колдонуу жана минералдык-сырьелук базасын бекемдөөгө геологиялык-экологиялык маселелерди чечүү».**

Бюджет: 11022,2 миң сом.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Ордовик радиолярлары Bissylentactinia? sp. (O2), Entactinosphaera? aff. hirta Nazarov (O1-2), Haplentactinia? aff. juncta Nazarov (O1-2), Көкжот-Карагаин террейнинин (Чукурчак свитасы) жогорку бөлүгүндөгү катмарлардагы кумдуктардын ичиндеги оттук таштардын сыныктарынын, шагыл таштардын жана майда бүртүкчөлүү конгломераттардын арасынан бөлүп чыгарылып аныкталды. Биринчи жолу алардын сүрөттөрү сканерленген электрондук микроскоп менен тартылды. Көкжот-Карагаин террейнинин (Түндүк Тянь-Шань, Талас Ала-Тоо кыркасы) алгачкы палеозой жаш курагы жөнүндө документалдык далилдер алынды.

Макбал террейндин тоо тектеринин деформациясы жөнүндө маалыматтар алынды, аларда катуу деформация болуп, натыйжада эң татаал түзүмдүктөгү формалар пайда болгону аныкталды.

Нельди комплексиндеги гранат амфиболиттердин (T = 575 ± 29 °C жана P = 14кбар) жана пелиттик сланецтердин (T = 500–600 °C жана P = 9–17 кбар) пайда болушунун шарттарын аныктоо менен Макбал террейнинин метаморфизмдик тоо тектердин пайда болушунун физика-химиялык шарттары такталды (2-сүрөт). Алынган маалыматтарга караганда гранат амфиболиттер менен пелиттик сланецтер жогорку жана төмөнкү басымдагы (P) метаморфизмдин эки этапта өткөндүгүн көрсөтөт. Метаморфизмдин экинчи этабы T = 600 °C жана P = 4 кбар шартында жүрүп, интрузивдик массанын чыгышынан пайда болгон.




*Сүрөт 1.Радиолярлар:А - Bissylentactinia?sp.,(O2);Б - Haplentactinia? aff.junctaNazarov, (O1-2).*

Макбал комплексиндеги кээ бир метаморфдук тоо тектери 460 млн. жыл мурда гранит интрузиясынын · натыйжасында контакттык метаморфизмге дуушар болгон.

Жыйынтыгында Макбал террейни эки тектоникалык бирдиктерге бөлүндү:

1) Акжон бийик,

2) Шаркырак төмөнкү басымдарда пайда болгон бирдиктер.

Метаморфикалык формациялардын номенклатурасына коюлган заманбап талаптарды колдонуп, ошондой эле сунуш кылынган тектоникалык бирдиктердин жана метаморфикалык комплекстердин чектерин аныктоо менен, Макбал террейнинин түзүмдүк-геологиялык картасы 1:100000 масштабда түзүлдү.




*Сүрөт 1.Радиолярлар:А - Bissylentactinia?sp.,(O2);Б - Haplentactinia? aff.junctaNazarov, (O1-2).*





*Сүрөт 3. Макбал террейндин түзүмдүк-геологиялык картасы*

Түркестан-Алай рудалык тилкесиндеги рудалуу түзүмдөрдүн геологиялык жана минералогиялык-геохимиялык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде төмөнкү кендер аныкталды: а) кесип өткөн телолор жана минералдашкан зоналар менен берилген, мейкиндикте гранитоиддер менен байланышкан кендер; б) надвиг алдындагы структуралардагы амагматикалык алтын рудалуу жана алтын камтыган кендер.




*Сүрөт 4. Кара казык интрузиясынын (кызгылтым) ореолунда жана ичиндеги алтын рудалуу кендердин жана руда көрүнүштөрүнүн (сары тегеректер) жайгашуусу*

Түркестан-Алай рудалык алкагындагы бир катар амагматикалык алтын рудалуу жана алтын камтыган кендерди изилдөө алардын классикалык ири Карлин типтеги кен чыккан жерлер менен дээрлик толук бирдейлигин көрсөттү, бул диагноз коюу кыйын болгон жаңы типтеги жукадисперстик (нано-бөлүкчөлөр түрүндө) алтын камтыган объектилерди табуу үчүн жакшы келечек бардыгын көрсөтөт.

Изилдөөлөрдүн натыйжасында “Кыргызстандын алтын рудалуу кендери” монографиясы басылып чыкты. Авторлору: Р.Д. Дженчураева, Н.Т. Пак, В.В. Никоноров, Е.А. Ивлева.-Бишкек. Монографияда Кыргызстандагы алтын рудалуу кендердин геологиясы боюнча жаңы материалдар келтирилген. Геодинамикалык жагдайлардын, убакыттык жана түзүмдүк-заттык комплекстердин

мейкиндиктеги катнаштарын жанындагы реконструкциялоонун негизинде алтын



рудалуу жана алтын камтыган кен чыккан жерлердин металлогениясынын жаңы жоромолу, алардын ар кандай геодинамикалык шарттарда пайда болушунун моделдери келтирилген.

Ар тараптуу геологиялык-түзүмдүк, минералогиялык-геохимиялык жана бир катар объектилер үчүн Тянь-Шандын ар кайсы аймактарындагы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү аналогдор менен салыштырма мүнөздөмөлөрүнүн элементтери менен болжолдуу баа берилген. Аяктаган изилдөөлөрдүн натыйжасында, Нарын облусунун аймактарындагы жаратылыш шарттарынын учурдагы абалынын геоэкологиялык өзгөчөлүктөрү аныкталды.

Жаратылыш зоналарындагы ландшафттардын 189 түрү жана түрчөлөрү аныкталып, аймактын карталарында локалдаштырылган. Климаттык мүнөздөмөлөрдүн өзгөрүшүнө байланыштуу ландшафттык зоналардын чектеринин жылышынын тенденциялары байкалаары аныкталды. Чөл жана жарым чөл таксондорунун аймактары кеңейип, экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрдүн булагы болуп калышы мүмкүн.

Нарын облусунун, тышкы таасирлерге ар кандай реакция кылган административдик аймактарынын туруктуу өнүгүшүндө суу жана жер ресурстарынын таасирине баа берилди. Табигый, табигый-антропогендик геосистемалардын сапатына жана алардын мейкиндик ченемдерине баа берүү жүргүзүлүп, колдонуу деңгээлине жараша Нарын облусунун аймагын зоналаштыруу менен жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун жолдору иштелип чыкты. Нарын облусунун ландшафттарынын (1: 300 000 масштабында) картасы түзүлдү. Авт.: Ахмедов С.М., Байбориев А.Ж., Сатаров С.С.

SRTM-DEM рельефтин санариптик моделдерин колдонуу менен Ат-Башы дарыясынын бассейнинин суу топтогучундагы агын суу тармактарынын морфометрикалык мүнөздөмөлөрү аныкталып, дарыя тутумунун картасы түзүлүп, анын ичинде 5-иретке чейинки куймалары камтылган (5-сүрөт).

Алынган натыйжалар жер үстүндөгү жана жер астындагы суулардын ресурстарынын пайда болушунун шарттарын баалоонун гидрографиялык негизи боло алат, сел жүрүүчү жерлерди жана жер көчкү коркунучу бар капталдарды локалдаштырат.




*Сүрөт 5. Ат-Башы дарыясынын бассейнинин гидрографиялык тармагынын ырааттуу карта-схемасы*



Кыргыз Тоо-кен-металлургиялык комбинатынын Ак-Түз кенинин № 2 кал-дык сактагычында 1964-жылы болгон кырсыктын (аварияның) кесепеттеринин Кичи-Кемин өрөөнүндөгү экологиялык абалга жана адамдардын өмүрүнүн узактыгына тийгизген өтө терс таасирин далилдеген маанилүү жыйынтык чыгарылган.

Каралып жаткан мөөнөт аралыгында Боом капчыгайындагы уроолордун жана көчкүлөрдүн көйгөйлүү участокторунда – “Галерея” көчкүсү, 115-километриндеги уроолорго үстүртөн байкоочу талаа изилдөөлөрү жасалды. Чүй чөлкөмүнүн чыгыш жагындагы тоо этегиндеги зона боюнча, азыркы жана байыркы (эски) көчкүлөрдүн өөрчүшүнүн картасы түзүлдү (6-сүрөт). Бул Кичи-Кемин, Боорду, Бүркүт сууларынын өрөөндөрү. Алардын арасынан эң чоңдору өзүнүн негизги параметрлери, пайда болуу факторлору жана дагы алардын кооптуулук деңгээли менен каталогдо келтирилген.



*Сүрөт 6. Ильич айылынын жанында Кичи-Кемин чөлкөмүнүн түштүк бетиндеги (капталындагы) көчкүлөр жана сел конустары. Акыркы он жылдыктарда пайда болгон бир караганда жаңыдай эле түрү (өңү) бар көчкүлөр жоон кызыл сызыктар менен белгиленген. Ичке кызыл сызыктар менен эски черлешкен көчкүлөр, жашыл мончоктолгон сызык менен байыркы ар кандай курактагы көчкүлөр (көп учурларда такталбаган чектери менен) белгиленген. Ичке көгүлтүр сызыктар менен эски, көп учурларда булактардын айланасындагы черленген жылмышмалар белгиленген. Жаанчыл жылдар булардын эпкиндешине алып келиши мүмкүн. Көчкүлөрдүн пайда болуусунун потенциалдуу участокторy көгүлтүр мончоктолгон чек-сызык менен белгиленген. Сел конустары күрөң чек-сызыктар менен көрсөтүлдү.*

### Илимий-уюштуруу ишмердиги:

Жарыяланган илимий иштердин жалпы саны - 49, анын ичинде 4 монография, 2 окуу китеби, 2 китепче, 43 макала, анын ичинде 19 чет өлкөдө жарык көрдү. Индекстелген журналдардагы макалалар: Web of Science - 10, Scopus - 4, РИНЦ - 3.

Институттун 32 кызматчысы Кыргызстан, Орусия жана Жапон өлкөлөрүндө болуп өткөн 2 республикалык, 3 Эл аралык конференцияга, 8 семинар жана кеңешмеге катышышты.

Геология институту В.Г. Королевдун 100 жылдыгына арналган „Тянь-Шандын жана чектеш аймактардын геологиясынын жана географиясынын актуалдуу көйгөйлөрү” Эл аралык илимий конференциясын уюштурду. 23-октябрь, 2020-жыл. Бишкек, Кыргызстан.

2020-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Геология жана Сейсмология институттарынын алдындагы Диссертациялык кеңеште Д 25.17.555 1 кандидаттык диссертация жакталды.

# ГЕОМЕХАНИКА жана ЖЕР КАЗЫНАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ

*Институтта 6 илимий-изилдөө лабораториясы, «Геоприбор» илимий изилдөө борбору жана «Геосервис» илим долборлоо борбору бар. Кызматкерлердин саны – 68, илимий кызматкерлер – 45, анын ичинде 5 илимдин доктору, 1 академик, 1 мүчө-корреспондент жана 17 илимдин кандидаты бар. Жаш илимпоздордун саны 16,3 % түзөт.*

Бюджет: 11 474,5 миң сом.

**№1 ДОЛБООР: «Жаратылыш жана техногендик кен жатактарды сарамжалдуу өздөштүрүүнүн технологиялык жана экономикалык усулдарын иштеп чыгуу».** Жетекчиси, корр.-мүчөсү К.Ч. Кожогулов.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Көлөмдүү жүктөөдө блоктордун байланыштары боюнча жылышуу каршылыгы эксперименталдуу моделдерде аныкталган. Блоктуу курамдагы массивдин түзүмдүк бошоңдотуусунун коэффициенти кашаттын бийиктигинин жана блоктун өлчөмдөрүнүн катышынан көз карандылыгы аныкталган.

Кен жатактардын жогорулаган тектоникасынын жана жеткиликтүүсү татаалдыгына карата, тобокелдиктерди азайтуу үчүн техникалык-экономикалык негиздемедеги эсептөөлөрдө массивдин сапатынын өзгөрүшүн киргизүү негизделген.



*Блоктуу массивде блоктордун жылышуу каршылыгын аныктоочу модели*




*1 – изотроптук массив; 2 – блоктук жана катмарлык массив; 3 – жаракаларда кичине чапталуулу блоктук түзүлүштөгү массив*

**№2 ДОЛБООР: «Кыргызстандын жаратылыш ресурстарын интенсивдүү өздөштүрүлүп жаткан аймактарында жаратылыш-техногендик кубулуштарга көз салуу, геоэкологиялык тобокелдиктерди баалоо жана аларды божомолдоо усулдарын жакшыртуу».** Жетекчиси, академик - И.Т. Айтматов.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Калдык сактагычтардын активдүү пайдалануусу аяктагандан кийин алардын коопсуздуктарын камсыздоосунун прицпиалдык негиздери аныкталган.

Калдык сактагыч дамбаларынын кыйралышында жабыркаган зоналарындагы тобокелдиктерди оперативдик баалоо сунуштамалары иштелип чыккан жана КРнын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине практикалык колдонууга өткөрүлүп берилген.





*Калдык сактагыч дамбалардын кыйроодон кийин руда байытуусунун калдыктарынын ыргуусу*

2019-жылы декабрь айында Кумтор бийик тоолук рудниктин Лысый мөңгүсүнүн бассейнде жайгаштырылган үймөктөрүндө пайда болгон жана олуттуу экономикалык зыянга жана адам курмандыктарына алып келген ири техногендик тоо көчкүсүнүн себептери жана триггердик механизмдери аныкталган.



*Кумтор бийик тоолуу рудникгинин үймөктөрүндөгү техногендик тоо көчкүсү (2019 г)*




*Ыргуунун көлөмүн Vв калдык сактагыч мүнөздөмөсү HV аркылуу болжомолдо мүмкүнчүлүгүнүн регрессиялык көз карандылыгы*

Ош облусунун Өзгөн районундагы Аюу айылынын айланасындагы жер көчкү коркунучтагы боорлорунда тобокелдиктерди баалоо үчүн дрондук тартуу аткарылган, жер көчкү коркунучтагы участоктордо жердик көз салуу жабдыктары орнотулган жана Аюу айылында тоо көчкү тобокелдигин алдына алуу боюнча сунуштамалар иштелип чыккан.



*Ош облусунун Өзгөн районундагы Аюу айылынын айланасындагы жер көчкү коркунучундагы боорлордун панорамасы*

**№3 ДОЛБООР: «Кыргыз Республикасынын руда жана көмүр кен жатактарын сарамжалдуу жана коопсуз өздөштүрүүнүн геомеханикалык жана технологиялык сунуштамаларын негиздөө».** Жетекчиси, академик - И.Т. Айтматов.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Кумтөр кен жатагындагы Сары-Төр карьеринин жумушчу капталдарынын туруктуулугу боюнча сунуштамалар иштелип чыккан жана «Кумтор Голд Компани» ЖАКына өткөрүлүп берилген.

Экологиялык кырдаалды жакшыртуу максатында от жагуучу котельныйларында жана Бишкек шаарынын ЖЭБинде суу-көмүр отундарын (СКО) колдонуу боюнча сунуштамалар иштелип чыккан.



*Сары-Тор карьеринин жумушчу капталы (Кумтор кен жатагы)*



*Нымдуу күкүмдөөнүн гидросокку түйүнү (НКГСТ) жана ротор-импульстук аппаратынын (РИА) колдонуусу менен СКОну даярдоо схемасы*

*«Геоприбор» илимий-изилдөө борбору* Азия өнүктүрүү банкынын долбоорунун алкагында Экологиялык башкаруу боюнча эл аралык борборунун контракты боюнча Кыргызстандын түштүгүндөгү жер көчкүлөрдүн тобокелдиктерин баалоо боюнча илимий изилдөө иши аткарылган. Ошондой эле «Кумтор Голд Компани» ЖАК үчүн, Токтогул ГЭСнин каскады үчүн жана Миң-Куштагы Туюк-Суу жер көчкүсүндөгү геодинамикалык процесстерине көз салуу боюнча иштер аткарылган.

*«Геосервис» илимий-долбоорлук борбору* «Кумтор Голд Компани» ЖАК үчүн (2 иш), «Тодини Коструциони Дженерали С.П.А» АКнун Нарын филиалы үчүн, «Альянс Алтын» үчүн жана ООО «КАЗ Минералз Бозымчак» ЖЧК үчүн тоо тектеринин жана грунттардын физикалык жана механикалык касиеттерин аныктоо жана үймөктөрдүн туруктуулугу боюнча 5 чарбалык келишимдеги иштер аткарылган.

**Илимий-уюштуруу ишмердиги:**

Институттун РИНЦтин базасына кирген «Азыркы механика көйгөйлөрү» журналынын 2020-жылы 2 саны чыкты.

Институттун кызматкерлери тарабынан 2 монография, 1 материалдар жыйнагы, ЖОЖдор үчүн 5 методикалык көрсөтмө, алдыңкы журналдарда 43 макала, алардын ичинде Scopus – 6, чет элдик РИНЦте – 3, Кыргызстан РИНЦте – 32 жарыяланган.

Институттун кызматкерлери 7 ирет Эл аралык конференцияга жана форумдарга катышышты.



# СЕЙСМОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ

*Институтта 4 илимий-изилдөө лабораториясы бар. Кызматкерлердин саны – 176, анын ичинде 5 илимдин доктору жана 8 илимдин кандидаты болуп, жалпысынан 25 илимий кызматкерлер эмгектенет. Жаш илимпоздордун саны 26% түзөт.*

**ДОЛБООР: «Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык коркунучун баалоонун негизинде табигый кырсык коркунучун азайтуу - Чүй жана Ысык-Көл облустарынын сейсмикалык коркунучун баалоо (сейсмикалык райондоштуруу карталарын түзүү, масштабы 1: 500,000)».** Аткарылуучу убагы - 2018-2020-жж.

Бюджет: 31 250,2 миң сом.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Төмөнкүлөр түзүлдү:

- Чүй жана Ысык-Көл облустарынын аймактарындагы К=10-11, К=12-13, К=14-15, К≥16 энергетикалык классы менен болгон тарыхый жер титирөөлөрдүн бөлүштүрүүсүнүн карталар сериясы (масштабы 1:1 000 000).
- Чүй жана Ысык-Көл облустарынын аймактарындагы (1-сүр.), жер титирөөлөрдү генерациялоочу активдүү жаракалардын карталары; учур магнитудасынын жана үстүртөн толкундардын магнитудасынын мүнөздүү чоңдуктары аныкталды; магниттик жана гравитациялык талаалар аномалияларынын өзгөчөлүктөрү боюнча топтоштурулган жер титирөөлөр бөлүнүп алынышкан; 1: 500 000 масштабындагы активдүү сейсмогенерацияланууучу зоналардын чектериндеги жердин үстүңкү бетинин солкулдоолорунун интенсивдүүлүгүнө баа берилген.
- Чүй жана Ысык-Көл облустарынын аймактарындагы 2020-ж. ичиндеги жер титирөөлөрдүн очокторунун механизм картасы (2-сүр.);

40 жер титирөө үчүн динамикалык параметрлер аныкталган (3-сүр.).



*1-сүрөт. Чүй жана Ысык-Көл облустарынын активдүү жаракаларынын картасы*




*2-сүрөт. Чүй жана Ысык-Көл облустарынын аймактарындагы 2019-ж. (IV квартал) жана 2020-ж. ичиндеги жер титирөөлөрдүн очокторунун механизм картасы. Шарттуу белгилөөлөр: 1-жер титирөө очогунун механизми, 2- с/ст.*




*3-сүрөт.2020-жылдын 30-июлундагы жер титирөөнүн очогунун механизминин стереограммасы, тереңдиги - h=15км, энергетикалык классы - KR=7.6, очоктогу убактысы - to=19-24-42.6; координаттары - ϕ=42º37'; λ=76º15'.*

Чүй облустунун аймагындагы жер титирөөлөрдүн эпиборборлорунун бөлүштүрүү жыштыгы боюнча 5 зона бөлүнүп алынган (4-сүр.), Ысык-Көл облустунда - 9 зона (5-сүр.). Ар бир зона үчүн Гутенберг-Рихтер жер титирөөлөрүнүн жылдык кайталануучулугунун кумулятивдик графиги жана аппроксимирлөөчү логосызыктуу катнаш (моделдештирүүнүн статистикалык методу) алынган.




*4-сүрөт.Чүй облусунун сейсмикалуулуктун көрүнүшү боюнча зоналануусу, зоналардын чектери жер титирөөлөрдүн борборлорунун фонунда көрсөтүлгөн*






*5-сүрөт. Ысык-Көл облусунун аймагынын сейсмикалуулуктун көрүнүшү боюнча зоналануусу, зоналардын чектери жер титирөөлөрдүн борборлорунун фонунда көрсөтүлгөн*

Төмөнкүлөр боюнча маалыматтар иштелип чыгарылган жана тийиштүү каталогдорго киргизилишкен: 2020-ж. φ = 38º00′ - 44º00′ ; λ = 68º00′ - 81º00′ координаттары менен чектелген аймакта болуп өткөн 7731 жер титирөө боюнча (6-сүр.); «Кумтөр» компаниясынын карьерлериндеги жана «Успеновка-Чумыш» (Казакстан) районундагы 4818 микросолкундоолор жана 280 өнөр жай жардыруулары боюнча.



*6-сүрөт. 2020-ж. ичиндеги Кыргызстандын жер титирөөлөрүнүн борборлорунун бөлүштүрүү картасы – N-7731*




*2019-ж. жана 2020-ж. күчтүү жер титирөөлөрдү бөлүштүрүү диаграммасы 7-сүр. Кыргызстандын 2019-ж. жана 2020-ж. ичиндеги күчтүү жер титирөөлөрүнүн санынын өзгөрүү диаграммасы (N- окуялар саны; K- окуялар классы)*

**Илимий-уюштуруу ишмердиги:**

Кыргызпатенттин 1 автордук күбөлүгү алынган. Г-м.и.д. Кендирбаева Дж.Ж. Кыргызпатенттин «Өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчү: Кыргыз Республикасынын аял ойлоп табуучулары» көрсөткүчүнө киргизилген. Институттун кызматкерлери тараптан: макалалар - 42 (алардын ичинен чет жактарда - 14 , басылманын статусу: РИНЦ – 34, Web of Science - 2) жана тезистер – чет жактарда 2 жарыяланды.

2020-жылы март айынын тартып «КР УИАнын Сейсмология институтунун Жарчысы» интернет-журналы «Киберленинка» Электрондук китепканасына - Россия, Москва ш., В.И.Ленинат. Россия мамлекеттик китепканасына интеграцияланган (Келишим түзүлгөн).

«ОНР ПТСАЙНС» Бүткүл россиялык илимий иштелип чыгарылмалар коому (Москва шаары, Россия) тарабынан уюштурулган илимий иштердин XVIII Эл аралык конкурсуна катышкандыгы үчүн институттун кызматкерлери ар кандай Дипломдор менен сыйланышкан.

## АКАДЕМИК Ж. ЖЕЕНБАЕВ атындагы ФИЗИКА ИНСТИТУТУ

*Институттун кызматкерлеринин жалпы саны 130 адамды түзөт, анын ичинен: 79 – илимий кызматкер, анын 23 илимдин доктору, 4 - КР УИАнын академиги, 2 - КР УИАнын корреспондент-мүчөсү жана 28 илимдин кандидаты. Жаш окумуштуулардын үлүшү – 12 %.*

Бюджет: 19 406,2 миң сом.

**№1 ДОЛБООР: «Зат менен чагылуунун өз ара аракетин жана анын материалдардын касиетине тийгизген таасирин изилдөө. Фотоника, атмосфера, климат жана экологиянын көйгөйлөрү».** Аткарылуучу убагы - 2018-2020-жж.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Аморф кремнийинин бир тектүү катмарынын айлануучу магниттик талаасы менен кварцтуу айнек подложкага магнетрондук түшүрүү ыкмасы жакшыртылды жана аморф кремнийинин бир тектүү жука катмары алынды.



*1-сүрөт. Рельефти лазер менен түзгөнгө түз жазуу*



Уран менен активдештирилген фторид литийдин кристаллдарынын түстүү борборлорундагы көрөңгөнүн ылдамдыгына аниондук кошулмалардын таасири изилденди.

NaF-Sc,Li монокристаллынын негизинде рентген, электрон жана гамма шоолаларынын 10 МэВге чейинки ультра чоң дозасында төмөнкү температурадагы дозиметриясы үчүн термолюминофор жасалды.

Анализдин тактыгын жогорулатуу үчүн сцинтилляциялык дүрт этүүнү каттоо мүмкүндүгүн камтыган оор металлдардын төмөнкү концентрациясын аныктоо мүмкүнчүлүгү көрсөтүлдү. Экологиялык объектилерде спектралдык анализдерди жүргүзүү үчүн Бишкек шаарында үлгүлөрдү тандоону райондоштуруу жүргүзүлдү.




*2-сүрөт. Бишкек аймагын райондоштуруу, үлгүлөрдү тандоо*

Биринчи болуп суюк гелий чөйрөсүндө ультратөмөнкү температурада иштетилген синтетикалык алмаздын (СА) монокристаллдарындагы кислороддун атомдорунун спектри табылды.



*3-сүрөт. Суюк гелдин ичинде иштетилген синтетикалык монокристаллдардын алмазы*

Уч-Курт, Кара-Кече кендер чыккан базада электротехникалык керамиканын жаңы массасын алуу менен байланышкан керамиканын жаңы курамы иштелип чыгып, патенттер менен корголду.

Иштетилип жаткан буюм менен электродоголук плазманын аракеттенишүү процессин изилдөө үчүн эсептөөлөрдү жүргүзүүнүн ыкмалары жана математикалык модели өркүндөтүлдү. Модификацияланган гравитациянын чегинде гравитациялоочу политроптук компакттуу конфигурациялардын сызыктуу туруктуулугу изилденди.



*4-сүрөт. Жогорку чыңалуу дагы жаны жана иштетилген изоляторлор*



*5-сүрөт. Сталдын маркаларын талааларга температураны бөлүштүрүү*

8 мм. толкунундагы атмосферанын жутулуу менен шоолалануусунун эсеби аткарылды жана атмосферанын радиошооласы менен атмосферанын метеорологиялык параметрлеринин ортосундагы корреляциянын коэфициенттери эсептелинип чыкты.

24,5-26 км. бийиктиктеги озондун максималдуу концентрациясынын облусту аныкталды жана озондун концентрациясынын сутка ичинде бийиктик боюнча кыйла өзгөрүүгө дуушар болоору ачык көрсөтүлдү.

**№2 ДОЛБООР: «Энергетиканын, композициялык материалдардын көйгөйлөрү жана энергиянын жаңылануучу булактары. ДЗЗнын маалыматтарын эл чарба маселелерин чечүү үчүн колдонуу».**

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Үзгүлтүксүз узун жана кыска базальттык булалар менен армирдештирилген катмарлуу композициялык материалдын компоненттеринин бышыктык жана деформациялык касиеттерин изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Голографиялык жана акустикаоптикалык түзүлүштөрдөгү маалыматтарды киргизүүдө, сактоодо, иштетүүдө жана ылгап алууда аткарылуучу убактылуу операцияларды чектөөчү факторлор айкын болду. «Геоскан-201» пилотсуз аппараты тарткан аэрофото сүрөттүн негизинде айыл чарбасын дешифрлөө технологиясы иштелип чыкты.





*6-сүрөт. 2D голографиялык проекцияны ишке киргизүү ПВМС EXULUS-HD1лабораторлук курал*

**Илимий-уюштуруу ишмердиги:**

2020-жылдагы илимий иштердин жыйынтыгы боюнча төмөнкү жетишкендиктер алынды: 2 илимий иштелме өндүрүшкө киргизилди, 2 Эл аралык долбоор боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү, 68 илимий иш жарык көрдү, анын 10у монография, бирөө окуу куралы. Эл аралык цитирлөө базасындагы Scopus журналында 17 статья, РИНЦте 10 статья жарык көрдү. Ойлоп табууларга 3 патент алынды.

Институттун Диссертациялык кеңешинде 3 кандидаттык иш корголду.



***Ашимов И.А.***
***Химия-технологиялык, медицина-биологиялык жана айыл чарба илимдер бөлүмүнүн төрагасы, УИАнын корреспондент-мүчөсү***

## УИАнын ХИМИЯ-ТЕХНОЛОГИЯЛЫК, МЕДИЦИНА-БИОЛОГИЯЛЫК ЖАНА АЙЫЛ ЧАРБА ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮНҮН 2020-ЖЫЛ БОЮНЧА КЫСКАЧА ЖЫЛДЫК ОТЧЕТУ

ХТМБАЧИБдө 5 илимий-изилдөө мекеме бар. Бөлүмдүн мүчөлөрү: академиктер -10 (2019-ж. 11), корреспондент-мүчөлөр -11. Баардыгы 479 кызматкер (2019-ж.- 466), анын ичинде 294 илимий кызматкер (61,6%) (2019-ж.- 319). Илимий кызматкерлердин ичинде 97 илимдин кандидаты (2019-ж.-100) жана 37 илимдин доктору (2019-ж.- 36). Орточо катышы 2,6:1. 35 жашка чейинки кызматкерлердин салыштырма саны 25,1%.

Бюджет: 73 856,7 миң сом. 72 824,2 миң сомго (01.11.2020-ж. карата) 5 долбоор боюнча иштер аткарылган. Бюджеттен тышкары 24 614,3 миң сомго иштер каржыланган. 26 долбоор гранттык негизде 257,2 миң долларга аткарылган. Чарбалык келишим боюнча 12 долбоор 453,6 миң сомго аткарылган. Грант алуу боюнча лидерлер: Биотех. институту (105 миң долларлык 4 грант); ХФ.и (74,4 миң долларлык 4 грант); Биол. институту (56,6 миң долларлык 13 грант).

Баардыгы болуп 246 илимий иш жарык көргөн, анын ичинде 108 (44,2%) - чет өлкөлөрдө жарык көргөн. Төмөнкү индексирленген журналдарда басылган иштер: РИНЦ-109; Scopus- 9; Web of Sci. –6. ИИМ боюнча: ХФи. (РИНЦ-10; Scopus- 2); ТФи. (РИНЦ-32, Scopus – 2, Web of Sci.-1; Биотех.инс.(РИНЦ- 2, Scopus – 1); Биол. инс. (РИНЦ-30, Scopus – 4, Web of Sci. – 5); ББ ИИИ (РИНЦ-18). Төмөнкүлөр басылып чыккан: 11 монография, анын ичинде 2 чет мамлекетте; 22 окуу-усулдук куралдары, брошюралар. Издеп табуу боюнча 4 патент алынган. 8 Эл аралык жана республикалык илимий форумдар өткөрүлгөн. 77 илимий форумдардын ишине катышышкан. ЖОЖдордо 59 кызматкер иштешет, алардын ичинен 13 илимдин доктору, 28 илимдин кандидаты эмгектенишет. Аспирантурада 45 адам окуйт. Быйыл аспирантурага 20 киши кабыл алынган. Колдонууга 18 иш сунушталган: Биол и.-3, ХФи.-6, ББ-5, ТФМи.-4. 2041,5 миң сомго илимий азыктар сатылган.

ХТМБАЧИБнүн 1 Жалпы чогулушу, Бюронун 7 отуруму өткөрүлүп, 17 токтом кабыл алынган. 2020-жылга карата фундаменталдык жана колдонмо жаат-тагы 5 илимий-изилдөө долбоорлору кабыл алынган. Covid-19 боюнча УИА-да илимий-консультативдик кеңеш түзүлгөн. «Дайджест» (Covid-19) илимий-маалыматтык басылманын 3 саны, «Баткен-2020» бюллетенинин 3 саны жарык көрдү.



## БИОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ

*Жалпы кызматкерлердин саны -140, алардын ичинен 91 илимий кызматкер эмгектенет, 9 илимдин доктору жана 30 илимдин кандидаты бар. Жаш окумуштуулар – 22% түзөт.*

ДОЛБООР: **«Глобалдык өзгөрүү жана антропогендик күчтөрдүн жогорулашына байланыштуу өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнүн биоартүрдүүлүгүнүн жана жер кыртышынын мониторинги».** Регистрациялык № 0006150.

Бюджет – 19 994,0 миң сом. Бюджеттен тышкары – 6 597,6 миң сом.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

- Илим үчүн жогорку түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн 2 жаңы түрү жазылды: Phlomoides hypoviridis Lazkov – Жашыл түптүү шимүүрчек (Фломоидес снизу зеленый) – Rheum uzengukushi Lazkov et Choi. –Үзөнгү- Кууш ышкыны (Ревень узенгукушский).

– Eremogone fursei (Lazkov) Lazkov et Sennikov – Фурсе чөлчүлү (Пустынница Фурсе) үчүн жаңы номенклатуралык комбинация түзүлдү. Arenaria fursei Lazkov

– Фурсе кумчулу (песчанка Фурсе) түрүнүн жаны синоними пайда болду, ал Ирандан табылган Arenaria kandavarensis Fadai, Assadi

– Кандавар кумчулу (песчанка кандаварская).

– Молекулярдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгынан, Arenaria fursei Lazkov түрү үчүн Eremogone Fenzl (Eremogone fursei (Lazkov) Lazkov et Sennikov тукумуна комбинация түзүлдү, Arenaria тукумунун 2 түрү синонимге бириктирилди.

– Кыргызстан үчүн жаңы 2 түр табылды: Psathyrostahys hyalantha-кабырчык гүлдүү ломкоколосник (Ломкоколосник пленчатоцветковый), Alopecurus aequalis – түз түлкү куйрук (Лисохвост равный).



***Rheum uzengukushi** – үзөнгүкууш ревени*

- Бишкек шаарынын ар кайсы райондорунда жашыл көчөттөрдү отургузууда, алардын фитосанитардык абалына изилдөөлөр башталды. Өсүмдүктөрдүн оорулары аныкталып, алардын таралышынын очогу табылды.



*Айванын даты*
*(Gymnosporangium confusum Plowr.)*



*Ильмалардын голландия оорусу*
*(Graphium ulmi Schw.)*



*Алды дагы жашыл болгон Зопничек. Phlomoides hypoviridis*

**-Вяз** -ильмовыйлардын (Graphium ulmi) Голландия оорусу болгон кадимки трутовик (Fomes fomentarius), кабырчык трутовик (Polyporus squamosus), жалбырактын трутовик (Piggotia asteroidean). Теректерде-ачык сары трутовик (Laetiporus sulphureus), жалган трутовик (Phellinus ignarius).

**-Эменде** – жалбырак мучнистая роса (Microsphera alphytoides), жалпак трутовик (Ganoderma applanatum).

**-Клен дарагында** – мучнистая роса (Uncinula aceris).

**-Алма жана алмурутта** – бактериялдык күйүк (Erwinia amylovora) – айрым учурда белгиленди.



***Leptoglossus occidentalis* ♀**
Сосновый семенной клоп



***Arctia intercalaris***
Гусеница Медведицы промежуточной



***Ornithonyssus bacoti* ♀**
Крысиный клещ

-Кыргызстандын түштүгүнөн 300 гербардык материал чогултулуп, 28 тукумга кирген козу карындын 69 түрү аныкталды. Кыргызстан үчүн 3 түр: Puccinia sp – на Inula rhizocephela, Leveillula sp. – Pyrethrium parthemifolium, Oidium sp. – Codonopsis clematidea биринчи жолу белгиленди.

Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында инвентаризация жүргүзүлүп Сарычат-Эрташ коругунда 140 түр өсүмдүк, Сары-Челек биосфералык коругунда 650 гербарий материалы чогултулду.

Ысык-Көл өрөөнүнүн Тянь-Шань карагайынын микроучасткаларынан Кыргызстандын фаунасы үчүн нематоддордун 1 жаңы түрү аныкталды – Helicotylenchus serentus.

Картошканын түймөлүү нематоддоруна (эл аралык маанидеги карантиндик объект), колорад коңузуна, паршага, фитофторага туруктуу картошканын сортторун тандоо иши жүргүзүлүүдө. Картошка нематоддоруна жана колорада коңузуна туруктуу сорттор: Дакота, Даймонд, Калкаска, Мисаки, Болдер болуп аныкталды. Отургуза турган материал өндүрүшкө даяр.

Гельминттерди изилдөөдө Чүй жана Талас өрөөндөрүнөн 98 омурткалуу жаныбарлардын 15 түрү каралды. Коендордун өпкөсү майда нематоддор менен өтө жабыркаган-протостронгулез оорусу (4029 экз.) аныкталып, ичегисинен тасма курттар, ал эми жапайы камандын өпкөсүнөн Metastrongylus elongates митеси (ИИ 67 экз.) катталган.

Бишкек шаарынын жашыл аянттарын пландалган байкоодогу зыяндуу курт-кумурскалардын 10 түрүнүн ичинен жетөө белгиленди: кызыл карагай урукчул канталасы (Leptoglossus occidentalis), өзбек отун жаргычы (Aeolethes sarta), кара жыгач жалбыракчы коңузу (Xanthogaleruca luteola), каштан күбөсү (Cameriria ohridella), америка ак көпөлөгү (Hyphantria cunea), эмен таарыгычы (Profenusa pygmae) жана кара жыгач таарыгычы (Fenusa ulmi). Ошондой эле, Tetranychidae, Tenuipalpidae



жана Eriophyidae тукумдарына кирген чөп жегич, бак-дарактардын жалбырактары менен гүлдөрүнө зыян келтирүүчү кенелердин 10дон ашык түрү аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасына- 1, КР УИАнын Ардак грамотасына – 1, КР УИАнын грамотасына – 1, КРӨ АЧКжанаТЧМА Ардак грамотасына – 1 ээ болушту.

5 лекция-презентация, Ботаникалык бактын ресурстук борборунда 1 мастер-класс, 14 экскурсия уюштурулду, 143 консультация берилди; ТВ, радио жана газеталарда 22 жолу эфирдик маалыматтар, 1 көргөзмөгө катышуу болду.



ББ www.botanica.kg сайты, Фейсбуктагы баракчасы толукталып, жаңыланып турат.

Ботаникалык бакта эмгектенген кызматкер-ардагерлер жөнүндө видеотартуулар, сатууга даярдалган өсүмдүктөрдүн тизмеси үчүн түстүү сүрөткө тартуулар болду.

КР УИАнын Ботаникалык багында 6 ишембилик өткөрүлдү.



*Э.Гареевдин 110 жылдыгына арналган эл аралык конференция*



*Акматалиев А.А.*
*Коомдук илимдер бөлүмүнүн төрагасы, академик*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН КООМДУК ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮНҮН 2020-ЖЫЛ БОЮНЧА КЫСКАЧА ЖЫЛДЫК ОТЧЁТУ

Бөлүмдүн илим-изилдөө мекемелери тарабынан учурдун актуалдуу проблемалары боюнча фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөр жүргүзүлүп, негизги көңүл манастаануу, тил илими, адабият таануу, Кыргызстандын маданий мурастарын изилдөө, сактоо жана пайдалануу маселелери, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы, археология, кыргыз элинин коомдук-саясий жана философиялык ойломунун тарыхы, Кыргызстандагы конституциялык-укуктук реформалардын калыптануусу жана өнүгүүсү, рынок институттарынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү жана өнүктүрүү көйгөйлөрүнө өзгөчө көңүл бөлүнгөн.

Бөлүмдүн курамында 6 илимий мекеме жана борборлоштурулган илимий китепкана бар. Бул мекемелердеги жалпы кызматкерлердин саны-273 (2019-ж. -246), илимий кызматкерлердин саны - 186 (2019-ж. -216) алардын ичинен 5 академик, 12 корреспондент-мүчө, (2019-ж. -16) 41 илимдин доктору, (2019-ж. -37) 68 илимдин кандидаты (2019-ж. -68) эмгектенет.

Жаш окумуштуулардын үлүшү (35 жашка чейин, % менен) 35 жашка чейинки кызматкерлердин салыштырма саны 30 % түзөт. ТжАИ – 35 %, ФУжССИ – 25%, ТАжЭИ – 18,5 %, ЭИ- 15,6 %, ИКБ - - 25%.

2020-жылы илим изилдөө институттары бекитилген 9 илимий долбоордун алкагында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүштү.

2020-жылы бюджеттен 51 583,3 миң сом бөлүнгөн (2019-ж. -34. 065 568 миң сом).

2020-жылы бюджеттен тышкары каражат болгон жок (2019-ж. 24.312$ инвестиция тартылып келген).

Бөлүм тарабынан 2020-жылы жалпы 18 (2019-ж. - 27) эл аралык, республикалык илимий конференция, семинар, тегерек столдор уюштурулган. Аларга катышуу 196 (2019-ж. -185).

Бөлүмдүн алдындагы диссертациялык кеңеште республикалык жана чет элдик ар кандай мекемелеринен даярдалган 8 докторлук (2019-ж -11), 8 кандидаттык диссертация (2019-ж -26) корголгон.

2020-жылы Бөлүм боюнча 366 республикалык (2019-ж. -313), 154 эл аралык (2019-ж. -70) илимий иштер чыккан. Алар төмөнкүлөр: 8 республикалык (2019-ж. -8), 9 эл аралык тезис, 31 монография (2019-ж. -15), (2019-ж. -235) 309 илимий макала жарык көргөн жана анын ичинен 130 макала чет өлкөдө жарык көргөн (2019-ж. -70), РИНЦке – 72, Web of science - 5, Scopus – 2 жайгаштырылган.

Коомдук илимдер бөлүмүндө 22 (2019-ж. -19) илимдин доктору жана 28 (2019-ж. -30) илимдин кандидаты ЖОЖдордо сабак берип, илимий тажрыйбасын өстүрүп келишет.



## Ч. АЙТМАТОВ атындагы ТИЛ жана АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*Кызматкерлердин жалпы саны 76 адам, анын ичинде илимий кызматкер-73, 8 илимдин доктору, 1 академик, 2 корр.-мүчө жана 15 илимдин кандидаты. Жаш илимпоздордун курагы 35%.*

Бюджеттик каржылоо: 15 935,8 миң сом.

**№1 ДОЛБООР: «Кыргыз адабиятын синхрондук жана диахрондук планда изилдөө»**
Аткарылуучу убагы: 2016-2020-жж.

**№2 ДОЛБООР: «Кыргыз тилин синхрондук жана диахрондук планда изилдөө»**

Аткарылуучу убагы: 2016-2020-жж.

**Маанилүү жыйынтыктар:**

Отчеттук жылда долбоор боюнча төмөнкүдөй илимий багыттарда изилдөөлөр жүргүзүлдү: Фольклордук кыска тексттер дин тилдик өзгөчөлүгү; Сөздүн маанилери; Лингвостилистиканын тил илиминдеги орду; Кыргыз-алтай тилдериндеги өлчөм атоолордун стилистикалык маанилери; Көркөм стилдеги тексттерди которуунун өзгөчөлүктөрү; Түркологияда гидронимдердин изилдениши; Кыргыз тилиндеги гипонимдерге стилистикалык илик; Сөздүктөрдү компьютерлештирүүнүн жолдору; Атооч сөз түркүмдөрүнүн стилистикалык өзгөчөлүгү; Кыргыз тилиндеги өсүмдүктөр лексикасынын (чөптөр) этимологиясы.

Жалпы темасы: Мамлекеттик тилдин коомдун маанилүү чөйрөлөрүндө колдонулушу. Бул долбоор боюнча төмөнкүдөй илимий багыттарда изилдөөлөр жүргүзүлдү:




Мамлекеттик тил көркөм адабияттарды басып чыгаруу тармагында;

Мамлекеттик тилдин басма сөз чөйрөсүндө колдонулушу;

Мамлекеттиктилдин мыйзам чыгаруу чөйрөсүндө колдонулушу; Мамлекеттик тил дидактикалык тармактарда; Соттук иш алып барууда жана тергөөдө мамлекеттик тилдин колдонулушу; Расмий иш кагаздарында мамлекеттик тилдин колдонулушу; Мамлекеттик тилдин саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө колдонулушу.

Төмөндөгү негизги илимий багыттар изилденди: Алтайлык баатырдык жомоктордо байыркы баатырдын тиби «Очи бала», «Алтын Арыг», шордук баатырдык жомоктордо «Как Перген», «Как Алтын»; Баатырдык жомоктордун табияты; Кыргыз эпикалык чыгармаларындагы типтүү сюжеттер менен мотивдердин структурасы; Постсоветтик мезгилдеги санат-насыят ырлары; Кыргыз романикалык дастаны; Түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгындагы мифофразеологизмдердин көркөм функциясы; «Манас» эпосунун (С.Орозбаков, М.Мусулманкулов, Б.Сазанов, Ш.Рысмендеев) варианттарында аалам темасынын көркөм структуралык түзүлүшү: өмүр, психологиялык карама-каршылыктар, согуштук жүрүштөр, даанышмандык; Манасчы М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Жаңыл Мырза», «Курманбек», «Жаныш-Байыш» эпосторунда айтуучулук чеберчилиги;




Кенже эпостордогу элдик ишенимдер жана ырым-жырымдар;

Т. Молдонун вариантындагы «Манас» эпосундагы диний ише-

нимдердин ролу жана мааниси; Т. Тыныбековдун чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери; «Манас» эпосуна байланыштуу тарыхый, документалдык материалдар.

Кенже эпостордогу баланын төрөлүшүндөгү жана акыретке узатуудагы ырым-жырымдар жана ишенимдер Тоголок Молдонун вариантындагы «Манас» эпосундагы диний ишенимдердин ролу жана мааниси; О.Бөлөбалаевдин чыгармачылыгындагы доордун таасири; Т. Тыныбековдун чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери; «Манас» эпосуна байланыштуу архивдик документтер.

Дүйнөнүн улуттук картинасы адабият таануу илиминде: Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм рефлексия; Кыргыз адабиятындагы адабий каармандар маселеси; Тарыхый поэмалардын проблемалык-тематикалык өзгөчөлүктөрү. (К.Маликовдун «Балбай» поэмасынын мисалында);




Ж.Өзүбекованын «Апамдын махабаты», «Кара кыз» драмаларындагы социалдык-психологиялык изденүүлөр; Ч.Айтматовдун романдарынын ономастикалык мейкиндиги; Т.Сыдыкбековдун (“Мезгил сабактары”, «Мен миң жыл жашадым...», «Табылга») эскерүүлөрүндөгү, макала-маектериндеги адабият, маданият ишмерлери, деги эле доор менен сүрөткердин ортосундагы байланыш маселелери; Кыргыз прозасынын өткөөл мезгилиндеги изденүү тенденциялары; Балдар адабиятында таанып билүүчүлүк, дидактикалык ырлардын жанрдык өзгөчөлүгү. (Эгемендик жылдардагы кыргыз балдар адабияты); Чыңгыз Айтматов жана көркөм сүрөт өнөрү (энциклопедия, А-Я) чейин; Кыргыз радиосундагы көркөм публицистикалык уктуруулардын жанрдык өзгөчөлүктөрү; 70-80-жылдардагы аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциялары (К.Кушубеков, Ж.Жапиев, Б.Усубалиевдин чыгармаларынын мисалында); Биринчи жарым жылдыкта бекитилген календардык план боюнча «Окурмандын китеп текчеси» сериясындагы 50-томдон 60-томго чейинки төмөнкү акын, жазуучулардын чыгармаларынын кол жазмалары басмага даярдалып, басылып чыкты: К. Осмоналиев – 51-том; Ө.Даникеев – 52-том; Б. Жакиев – 53-том; М. Байжиев – 54-том; М. Буларкиева, М.Абылкасымова, Г. Момунова, А. Узакова, А. Бегимкулова – 55-том; О. Султанов – 56-том; К. Жусупов, К.Жусубалиев – 57-том; Т.Эргешов, Т. Муканов, С. Урманбетов – 58-том; Р.Рыскулов, Т. Самудинов – 59-том; О. Айтымбетов, М. Мураталиев, М. Тойбаев – 60-том.

Кол жазмалар фондусунда сакталып турган материалдар боюнча оозеки чыгармачылыктынүлгүлөрүнилимийжактан бир системага келтирүү иштери: «Алгачкы кыргыз баяндама булактары» (“Ранние кыргызские нарративные источники”), А.Рысмендеев, Ы.Абдырахмановдордун варианттары боюнча, Т.Байзаковдун, Ошбаевдин, Ш.Абдырамановдун кол жазмалары боюнча, «Фольклор» бөлүмүнүн материалдарын сыпаттап жазуу, «Тарых» бөлүмүндөгү материалдарга илимий сыпаттама жазуу үзгүлтүксүз аткарылууда. Институттун окуу-усулдук иштери кандидаттык экзамендерди тапшырууга даярдоо үчүн бекитилген программанын негизинде жүргүзүлүп, бир группа 7-8 аспиранттардан жана изденүүчүлөрдөн түзүлүп, сабактар кафедрада тастыкталган сабактардын жүгүртмөлөрүнүн негизинде өткөрүлдү.

Андан сырткары чет өлкөлүк аспрант-изденүүчүлөр үчүн электрондук курстар, он-лайн сабактар (zoom, google meet) жүргүзүлдү.2020-жылда чет тилдери боюнча ар бир окутуучунун сабак жүктөрү 920 саатка аткарылды.




Кафедра боюнча 4600 саат жүктөмдөрү аткарылды. Жалпы 82, анын



ичинен 72 аспирант, 4 изденүүчү жана 6 илимий кызматкер кандидаттык экзамен тапшырышты. Ал эми быйылкы жылы аспирантурага кабыл алуу сынактары англис жана немец тилдеринде жүргүзүлдү. Ал эми мамлекеттик тил боюнча курс башка улуттун өкүлдөрүнө, башка өлкөнүн аспиранттарына электрондук сабак жана кыргыз аудиториясы болуп үч тайпага бөлүнүп лекциялык жана практикалык сабактар өткөрүлдү. Жыл ичинде 6 группада сабак өтүлдү. Жалпысынан экзаменге 94 аспирант жана изденүүчү киргизилип, сынак тапшырышты.

### Илимий–уюштуруучулук ишмердүүлүгү

68 макала, анын ичинен 32 макала чет өлкөдөн жарык көрдү. Web of Science – 3, РИНЦ – 9 ( РИНЦ Кыргызстан – 3); 2 монография жайгаштырылды. Кызматкерлер 62 семинарга жана конференцияга катышышты. Массалык-маалымат каражаттарында 58 материал жарык көрдү.



## Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ атындагы ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ жана ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ

*Институтта 4 бөлүм, 2 борбор жана 1 топ иш алып барат. Институттун кызматкерлеринин жалпы саны 47 адам (14 кызматкер жарым ставкада (0,5). Алардын ичинен КР УИАнын академиги -1, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү – 2, илимдин доктору – 8, илимдин кандидаты –16, илимий кызматкер – 41. Жаш илимпоздордун орто курагы – 18,5%.*

Бюджет: 8510,3 миң сом.

**№1 ДОЛБООР: «Кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы доорлордон азыркы учурга чейинки тарыхы: Маданий мурастарды изилдөө, сактоо жана пайдалануу маселелери».**

**№2 ДОЛБООР: «Борбордук Азиядагы интеграциялык процесстердин өнүгүү тенденциялары жана келечеги».**

**№3 ДОЛБООР: «Борбор Азиядагы дунгандардын тарыхы жана этникалык маданияты».**

### Маанилүү жыйынтыктары:

2010-жылкы Апрель элдик революциясынын 10 жылдыгына карата: Кыргызстандагы 2010-жылдагы Апрель элдик революциясынын катышуучуларынын өмүр таржымалдары жана жакындарынын эскерүүлөрү камтылган «Түбөлүк каармандар» аталышындагы китеп жарык көрдү. Көлөмү 20 б.т. (313 бет). - Бишкек, 2020.

«Элдик жеңиш: хроника жана эскерүүлөр» деген аталыштагы. илимий-популярдуу эмгек даярдалып, жарыкка чыгарылды.

2019-жылдын 24-ноябрында КР УИАнын Тарых, археология жана этнология институту тарабынан өткөрүлгөн көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук-саясий ишмер Т.Усубалиевдин 100 жылдыгына арналган илимий-практикалык

конференциянын материалдары камтылган «Мамлекетти башкаруу маселелери (XX кылымдын 60-80-жылдары): келечекти көрө билүү жана акыйкаттык» деген аталыштагы жыйнак жарык көрдү. -Бишкек, 2020.

Старусева Т. Улуу жеңиштин 75 жылдыгына арналган «От фашизма до противостояния: реалии и вызовы времени» -Бишкек, 2020.

Койчуманова Ч.У. «Малые этносы в социокультурной системе современного Кыргызстана». -Бишкек, 2020.

Усупова Н.С. «Развитие человеческого капитала Кыргызской Республики». -Бишкек, 2020.

«Орто кылымдардагы кыргыздардын этносаясий жана маданий-чарбалык өнүгүүсү» көйгөйү боюнча изилдөө иштери жүргүзүлдү. Ушул теманын алкагында «Кыргыздардын уруулук түзүлүшү жана этносаясий уюмдары», «Орто кылымдардагы Теңир-Тоо урууларынын чарбалык маданиятындагы вертикалдык жайгашуу», «XIV-XVII кылымдардагы кыргыздардын коңшу элдер менен этномаданий байланыштары» аттуу темаларда изилдөөлөр жүргүзүлдү. Учурда чогултулган материалдарды текстологиялык изилдөө жүргүзүлүп, алардын негизинде илимий текст даярдалууда.

Тянь-Шань районунун Жапырык жергесинде гунн дооруна таандык көрүстөндөрдө казылып табылган буюмдардын негизинде, аял кишинин көрүстөнүнөн табылган кызыктуу зер буюм боюнча макала жазылды. Археологдор чачка тагылуучу кооздукту ачып көрсөтүп, бул табылга азыркы күнгө чейин сакталып келген байбичелердин чачына таккан коздуктун алгачкы түрү деп эсептешет.

Этнология бөлүмдүн кызматкерлери Кыргызстандын Ысык-Көл, Нарын, Ош облустарына этнографиялык экспедицияларын өткөрүштү.

Жыйынтыктоочу жылда Археология бөлүмүнүн кызматкерлери Алай өрөөнүндө Түркмөнстан, Таджикстан, Кыргызстан, Кытай газтүтүгү өтүүчү аймактагы


*Оргочор айылы, Ысык-Көл облусу . июль 2020-ж.*


*Ош шаары, январь 2020 –ж.*

археологиялык эстеликтерди чарбалык келишимдин негизинде изилдөө иштерин жүргүздү. Бул аймакта ар кайсы доорго жана ар башка калыптагы 15 эстелик изилденди. Эстеликтер эрте коло доорунан баштап эрте орто кылымга чейинки убакты өзүнө камтыйт. Отчеттук жыл ичинде археологиялык эстеликтерди изилдөө үчүн 4 стационардык экспедициялык жумуштарды өткөрүп, ошондой эле келечекте курулуш үчүн трансформацияланып жаткан жер тилкелеринде эстелик бар же жок экендигин аныктоо үчүн эксперттик жумуштарды жүргүзүштү.

**Илимий-уюштуруучулук ишмердиги:**

2 кандидаттык жана 1 докторлук диссертация корголду. Институтта жалпысынан: 7 монография, 62 илимий макалалар чыгарылды, РИНЦке 10 макала катталды. Кыргызстанда- 39 , Чет өлкөдө - 23 макала жарык көрдү.

Институттун кызматкерлери жыл сайын КМШ өлкөлөрүнүн тарыхчылар жайкы мектептеринин иш-чараларына катышып турушат (Москва, Санкт-Петербург, Белоруссия ж.б.).

XX-XXI кылымдагы Кыргыз тарыхы бөлүмүнүн кызматкерлери 2020-жылдын



январь-апрель айларында 200дөн ашуун 2010-жылы Апрель революциясына катышкандардар жана курман болгондордун ата-энелери, алар тарабынан түзүлгөн «Айкөл таза коом», «Апрель элим Кыргызстан», «Апрель байрагы», «Мекен шейиттери», «Элдик кайрат», «Апрель баатырлары», «Эр теги», «Баатырларга таазим», «Жаркын элес», «Айкөл Ала-Тоо», «Апрель баатырлар биримдиги», «Патриот», «Элдик сакчы», «Мекен үчүн», «Орток шамы» ж.б. коомдук уюмдар менен кызматташып, баалуу материалдар, фотодокументтер чогултулду.


*Азыркы Кыргызстандагы айылдык аялдардын ордун жана ролун изилдөө долбоору*

Отчеттук жылда «Пандемия шартындагы илим жана билим» аталышындагы эл аралык тегерек стол өткөрүлдү.

Борбордук Азиядагы гуманитардык изилдөө борборунун кызматкерлери профессор Ч.У.Койчуманова, Жаныш кызы Г. жана Н. Курманкулов «Борбор Азиядагы аялдардын учурдагы абалы» деген жаңы долбоорду баштап, «Азыркы Кыргызстандагы айылдык аялдардын ролу жана орду» деген темада Кыргызстанда этносоциологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүштү.

**Изилдөөнүн алкагында төмөнкү маселелер каралды:**

- *Айылдардагы медицинага болгон мүмкүнчүлүк*
- *Таза сууга болгон мүмкүнчүлүк*
- *Жумуш жана жумушсуздук*
- *Миграция*


*Изилдөө учурунда*

Изилдөөлөр Кыргызстандын Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Жалал-Абад, Ош, Талас, Баткен областтарында жүргүзүлүп, 120дан ашык айымдардан интервью алынып, сүрөт, видео тартуу иштери жүргүзүлдү.



*Институттун кызматкерлери тарабынан жарык көргөн эмгектер*

## А. АЛТМЫШБАЕВ атындагы ФИЛОСОФИЯ,УКУК жана СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ

*Институттун түзүлүшү төмөнкүдөй: бөлүмдөрдүн жалпы саны – 8. Отчет учурундагы Институттун кызматкерлеринин жалпы саны 43 кишини түзөт. Башкы илимий кызматкерлер – 27, алардын ичинде илимдин докторлору – 12, 3 корреспондент-мүчө жана 15 илимдин кандидаты эмгектенет. Жаш окумуштуулардын пайыздык көрсөткүчү – 15%.*

**ДОЛБООР: «Кыргыздардын дүйнө таанымынын генезиси жана эволюциясы»** (философия боюнча).

Бюджет: 8177,0 миң сом.

**Маанилүү натыйжалар:**

- «Кыргыздардын философиялык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнүн негизги этаптары (Октябрь мезгилине чейин)» аттуу илимий теманын биринчи бөлүмүнүн экинчи абзацы жазылган, анда анализдин предмети мифологиялык аң-сезимдин парадигмалары, ислам дини келгенге чейинки ишенимдердин позитивдүү элементтери жана байыркы кыргыздардын эмпирикалык билимдери болуп эсептелет. Байыркы кыргыздардын маданиятынын тереңинде коомдун руханий жашоосунун муктаждыктарына жооп берүүчү, реалисттик ой-пикирдин келип чыгып, алар биринчи кезекте мифтерде, ислам дини келгенге чейинки ишенимдерде жана биздин ата-бабаларыбыздын эмпирикалык билимдеринде көрүнгөн деген ой негизделген.

-«Кыргыздардын гуманисттик ой жүгүртүүсүндөгү идеялардын келип чыгышы жана эволюциясы» аттуу илимий теманын 2-бөлүмү жазылган.

-«Кыргыздардын эпикалык чыгармачылыгындагы баатырдык образдар» аттуу илимий теманын 1 бөлүмү жазылган.

-«Кыргыздардын идеологиялык дүйнө таанымынын калыптанышынын көйгөйлөрү» аттуу теориялык материалдары чогултулду. Идеологиялык көз караштардын көйгөйлөрүн изилдөө бүгүнкү күндө маанилүү болгондуктан, кыргыздардын идеологиялык көз караштарынын калыптанышын изилдөөнүн илимий-методологиялык ыкмалары аныкталды. Биринчи бөлүм боюнча материалдар чогултулуп жана анализденип, ИИМдин биринчи бөлүмү жазылды.



*Институт тарабынан чыгарылган китептер, жарналдар жана макалалар. (Илим күнү. 2020 г.)*



**Илимий-уюштуруучулук ишмердүүлүгү:**

Институт тарабынан ушул жылы 100гө жакын илимий макала жарыяланды (РИНЦ- 40, Scopus – 2, Web of Science - 2), 14 монография чыгарылды. Институт тарабынан жалпысынан 20 конференцияга, тегерек столдорго жана симпозиумдарга катышышты.

Ошондой эле Мукасов Ы.М. «Мир в практической деятельности древних кыргызов»аттуу темадагы монографиясын чыгарды. - Б., Макспринт, 2020.

О.Козубаев «Парадоксы этики» аттуу темадагы монографиясын жарыялады. - Б., 2020.

Ч.Нусупов «Философское учение о душе» аттуу эки монографиясын жарыялады. - Б., 2020.

Ч.Нусупов «Философия таинства бытия мироздания вселенной». - Б., 2020.

2020-жылдын 23-ноябрында мамлекеттик жана коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, философия илимдеринин доктору, профессор Аскаров Теңдик Аскаровичке арналган «Азыркы дүйнө жана коомдук илимдер: мамлекет жана өнүгүүнүн келечеги» аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференция болуп өттү. Конференцияны уюштуруу иштери И. Арабаев атындагы мамлекеттик университети менен биргеликте жүрдү.

2020-жылы 19-ноябрда Бүткүл дүйнөлүк философиянын күнүнө арналган «Кыргыз философиясы дүйнөлүк философиянын контекстинде» аттуу тегерек стол болуп өттү.

2020-жылдын 7-апрелинде «Дүйнө жана Кыргызстан пандеми маалында: философтор эмне жөнүндө ойлонушат?» аттуу онлайн режиминде баарлашуу болуп өттү.

2020-жылдын 27-апрелинде М.Ж.Жумагуловго арналган «Проф. М. Жумагуловду Эскерүү» аттуу онлайн конференция өткөрүлдү.







*Сүрөт. Бүткүл дүйнөлүк философиянын күнүнө арналган «Кыргыз философиясы дүйнөлүк философиянын контекстинде» аттуу тегерек стол. 19-ноябрь, 2020-жыл..*

## Академик ДЖ. АЛЫШБАЕВ атындагы ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ

*Институт 5 бөлүмдөн турат. Институтта иштегендердин жалпы саны 33 адамды түзөт, анын ичинен 30 илимий кызматкер, 1 академик, 9 доктор жана 15 илимдин кандидаты.*

**ДОЛБООР: «Кыргызстандын экономикасы: SWOT - анализ жана өнүгүү максаттары»,** аткарылуучу убагы: 2016-2020-жж.

Бюджет: 6 853,3 миң сом.

**Маанилүү натыйжалар:**

Изилдөөлөрдө Кыргызстандын узак мөөнөттүү өнүгүү критерийлери, экономиканы модернизациялоонун каржы механизмдерин колдонуунун келечеги, стратегиянын социалдык теңсиздикти кыскартууга багытталышы, эмгек рыногу менен билим берүү кызматтары рыногунун өз ара аракетин шайкеш келтирүүгө, атаандаштыкты өнүктүрүүгө жана экономиканын реалдуу секторундагы ата мекендик товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталышы тандалган. ЕАЭБ мамлекеттеринин жарандарынын иш менен камсыз болушун жана жумушка орношууну камсыздоо үчүн санариптик экосистеманын калыптанышын түзүү маселелери каралды. Региондордун интеграциялык өз ара мамилелери келтирилген, Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө келтирилген тобокелдиктер жана коркунучтар, мүмкүнчүлүктөр, аларды жеңүү жолдору жана механизмдери иликтенген.

Мамлекеттик саясаттын негизги максаты - коомдун ар кандай социалдык катмарларынын кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун камсыз кылуу, саясий туруктуулукту, мыйзамдуулукту камсыз кылуу жана коррупцияга каршы натыйжалуу күрөш. Дал ушул туруктуу коомдук-саясий кырдаал республиканын экономикалык стратегиялык өнүгүүсүнүн ачкычы болуп саналат.

Математика институту менен бирдикте илимий-изилдөө иштерин жүргүзгөн. Натыйжалардын негизинде «Экономиканын тармактарын адистештирүү - Кыргыз Республикасынын аймактарын өнүктүрүүнүн негизи. Теория, методика жана математикалык модель» деген жыйынтык чыгарылган.

Эгемендүү Кыргызстандын социалдык өнүгүү көйгөйлөрү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын басылмаларынын сериясындагы изилдөөлөрдүн натыйжасында «Гуманизм илимий категория катарында жана турмуш чындыгы катары» монографиясы жарык көрдү. Монографияны жазууга Экономика институтунун кызматкерлери жана республиканын алдыңкы илимпоздору катышты.



*Институттун кызматкерлери тарабынан жарык көргөн эмгектер*

Экономика институту тарабынан жарыяланган «COVID-19 жана Кыргызстандын экономикасы: биринчи сабактар» монографиясында (авторлор тобу, 7 б.т., «Ала-Too» ЖЧКсынын басмаканасы). Монографияда Кыргызстандын экономикасынын учурдагы абалы, COVID-19дун экономикалык кесепеттерин жоюу боюнча эл аралык тажрыйбасы, экономикалык өнүгүүнүн жаңы артыкчылыктары, өлкөнүн өнүгүү стратегиясына болгон мамилелерди жана социалдык саясаттагы тенденциялары каралган.49 эмгек жарык көрдү: монографий - 4, окуу-усулдук пособие – 3, макалалар – 42.



Институттун илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары методикалык колдонмолордо, брошюраларда, илимий макалаларда жана докладдарда илимий-практикалык конференцияларда, эл аралык семинарларда жана тегерек столдордо аткаруу бийлигинин, банк мекемелеринин жана каржы институттарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен оффлайн режиминде жана онлайн режиминде чагылдырылды жана сунушталды. Институттун маанилүү өнөктөштөрү жана кардарлары болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, министрликтер жана ведомстволор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, эл аралык уюмдар жана мекемелер эсептелет. Ар кандай мамлекеттик органдарга 11 илимий запискалар, эскертүүлөр жана сунуштамалар берилген.

Бөлүмдөрдүн жана кызматкерлердин илимий жана илимий-уюштуруу ишмердүүлүгүн баллдык система боюнча «Мыкты бөлүм» номинациясы боюнча: 1-орун Өнүгүп келе жаткан экономиканын теориялык негиздери бөлүмүнө, 2-орун Аймактык экономиканы изилдөө бөлүмүнө ыйгарылды, «Мыкты изилдөөчү» болуп бөлүм башчысы, э.и.д. Орозонова А.А. сыйланды.



*«Жизнь в Кыргызстане» Эл аралык конференциянын катышуучулары Бишкек ш., январь, 2020-ж.*

**Илимий-уюштуруучулук ишмердиги:**

Институттун Диссертациялык кеңешинде 3 докторлук жана 4 кандидаттык диссертация корголгон. 2020-жылы кызматкерлер 48 конференцияга, тегерек столдорго, семинарларга жана тренингдерге катышып, докладдарды жасашты. 49 эмгек, тактап айтканда 4 монография, 3 окуу куралы, 42 макала басылып чыкты.

«Илим күнүнө» карата экономика илимдеринин доктору Б.С. Джаманкулов «Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Эмгек сиңирген ишмери» наамын алды.

Кызматкерлер жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн онлайн режиминде сабак өтүшөт. Институттун адистештирилген Кеңешинде диссертацияларды коргоо дистанттык түрдө жүргүзүлөт. «Теориялык экономика» илимий семинарынын алкагында Институттун илимий кеңешинде кызматкерлер докладдарын жасашат.

## САЯСАТ ТААНУУЧУЛУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ЭКСПЕРТИЗАЛАР БОРБОРУ

*Борбордун курамында эки бөлүм бар, анын кызматкерлеринин жалпы саны – 14 адам, илимий кызматкерлер - 8, анын ичинен - 4 илимдин доктору: (КР УИАнын корреспондент-мүчөсү -1) жана илимдеринин кандидаты –4. Жаш окумуштуулардын үлүшү – 14,3%.*

Бюджет: 2187,5 миң сом.

**ДОЛБООР: «Кыргыз Республикасындагы этносаясий процесстер».** Аткарылуучу мөөнөтү: 2016-2020-жж.

**Маанилүү натыйжалар:**

Отчеттук мезгилде саясат таануу жана юриспруденция боюнча мурунтан пландаштырылган темалар менен бюджеттик негизинде илимий изилдөөлөр жүзөгө ашырылды.

КР УИАнын саясат таануучулук изилдөөлөр жана экспертизалар Борборунда кызматкерлер туруктуу негизде КР УИАнын Президиумуна келип түшкөн мамлекеттик органдардын тапшырмалары (буюртмалары) боюнча материалдарга талдоо жана саясат таануучулук экспертизаларды жүргүзүштү.

Отчеттук мезгилде 22 экспертиза жүргүзүлүп, эксперттик корутундулар даярдалды жана өз убагында соттук жана укук коргоо органдарына жөнөтүлдү.

Борбордун кызматкерлери каржылык кыйынчылыктарга карабастан, саясат таануу жана укуктук анализдөө тармагынын ар кандай илимий басылмаларда анын ичинде чет өлкөлүк басылмаларда илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын макала түрүндө жарыялашты.

Борбордо баардык кызматкерлер зарылчылыкка жараша аспиранттар менен докторанттардын диссертациялык иштерин, ошондой эле монографияларын талкуулоого катышып жатышты. Экспертиза, социалдык-саясий изилдөөлөр жана Борбордун мамлекеттик башкаруу бөлүмдөрүнүн кызматкерлери тарабынан Кыргызстандагы саясий процесстердин жана окуялардын өнүгүүсүнүн тигил же бул көйгөйлөрүн изилдөөлөрүнүн теориялык анализи менен саясат таанууда болгон көйгөйлөргө концептуалдык изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Саясий процесстердин жана окуялардын өнүгүшүнүн тигил же бул көйгөйлөрүн изилдөөлөрдүн теориялык анализинин жыйынтыктары Борбордун кызматкерлери тарабынан илимий басылмаларга жарыялоо түрүндө жана илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга, ошондой эле ММКга чыгып сүйлөөлөргө катышуу түрүндө апробацияланган.

**Илимий-изилдөөчүлүк ишмердиги:**

Борбор тарабынан окумуштуу, саясатчы жана дипломат Ж.С. Сааданбековдун 80 жылдыгына арналган «Диалектика взаимодействия политики и культуры в контексте Евразийской цивилизации» аттуу темадагы эл аралык конференция өткөрүлдү.

Борбордун кызматкерлери тарабынан 4 монография, 4 окуу-усулдук курал, 1 энциклопедия, 37 илимий-популярдуу, анын ичинен РИНЦ системасына кирген 8 макала жарык көрдү.

Арабаев Ч.И. «Кыргыз Республикасынын жарандык-укук энциклопедиясы». -Бишкек, 2019-ж. к

«Парадигмы Кыргызской Этнонации».- Бишкек, 2020-ж.

«Субэтносы и их взаимоотношения».- Бишкек, 2020-ж.

«Этнополитические процессы в современном Кыргызстане». - Бишкек, 2020-ж.

«Конституционно-правовые проблемы становления, развития и формирование государственного управления в Кыргызской Республике».- Бишкек, 2020-ж.

«Улуттун улуу инсаны - Искак Раззаков». - Бишкек, 2020-ж.

«Философия эпоса Манас». -Бишкек, 2020-ж.

«Философия Манаса и Чингиза Айтматова». - Бишкек, 2020-ж.

«Мүлктү менчикке өткөрүп берүү боюнча жарандык-укуктук келишимдер». -Бишкек, 2020-ж.





*Борбордун кызматкерлери*

## УИАнын БОРБОРДУК ИЛИМИЙ КИТЕПКАНАСЫ

*Кызматкерлердин жалпы саны - 40. Жаш окумуштуулардын үлүшү – 20,2 %.*

Бюджет: 5782,8 миң сом.

2020-жылы БИКтин көп профилдүү ишмердүүлүгүнүн кыйла бөлүгү өлкөдө жайылган COVID -19 вирусу боюнча карантинге байланыштуу аткарылбай кийинки жылдарга калтырылды, б.а. «offline» иштери үзгүлтүккө учурады. Вирустан сактануу үчүн ар кандай медициналык каражаттарды колдонгонго карабастан, китепкана кызматчыларынын 80% оорунун орточо түрү менен ооруп чыгышты.



*Пандемия учурунда*

Бирок бул кыйынчылыктарга карабастан, БИКтин эң башкы максаты электрондук китепкана түзүү болгондуктан, фонддорду санариптөө иштерине негизги басым жасалды.

Ошондой эле окурмандар менен байланыш үзүлбөстөн, электрондук почта жана телефон аркылуу болуп, тейлөө «online» режиминде жүргүзүлдү. Китепканада иштелүүчү жумуштардын бир тобун китепканачылар үй шарттарында аткарышты.

Китеп фондун санариптөө – бул электрондук китепкана түзүү жана китеп фондун сактап калуу максаты болгондуктан БИК 2020-жылы бардыгы 200 324 барактардан турган 8 647 нуска ар кандай басылмаларды сканерге көчүрдү. Ошентип күнүнө 548 барак сканерленди. Бул иштин нормадан ашык аткарылышынын себеби, «offline» иштеринин кээ бири, карантинге карата убактылуу токтотулуп калгандыгына байланыштуу болду. КР УИА БИК өзүнүн маалымат порталы менен иш алып барууда 2020-жылы http://cslnaskr.krena.kg сайтына жаңы толук текстүү маалыматтарды киргизип,бул порталга жайгаштырылган басылмалардын көпчүлүгү окурмандардын телефон жана электрондук почта аркылуу сураган талаптары боюнча ишке ашырылды. Алар: авторефераттар, илимий журналдар,

сөздүктөр, айрым энциклопедиялар, жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган окуу куралдары, мектеп окуучулары үчүн окуу китептер жана көркөм адабияттар. Ошентип КР УИА БИК пандемия учурунда, окумуштуулардан тышкары, өлкөбүздүн билим берүү тармагына да чоң салым кошту. Жыл ичинде биздин порталды колдонгон окурмандардын саны мурунку жылдарга караганда 3,5 эсеге өсүп, 300 037 болуп, 214 928 ге көп болду. Демек, бүгүнкү күндө китепкана коомго абдан зарыл экендиги айкындалды. 2020-жылы биздин порталды Кыргыз Республикасынын окурмандарынан тышкары Россия, АКШ, Германия, Франция жана Литва мамлекеттеринин окурмандары да колдонушту.

«ИРБИС-32» электрондук католог менен кадимки каталогдорго жүктөлгөн маалыматты маалымдоо базаларына 659 нуска жаңы басылмалардын библиографиялык жазылмаларын киргизди. Мындан тышкары 6 тематикалык электрондук картотекаларга китептерден, журналдардан, жыйнактардан жана газеталардан илимдин бардык тармактары боюнча жаңы макалаларды



чогултуп, алардын аннотацияланган библиографиялык жазылмаларын түздү. Жыл ичинде ал электрондук картотекаларга 1280 библиографиялык маалымат жазылды. Учурда «Труды ученых НАН КР» жана «Периодические издания» аттуу электрондук картотекалар базасы 41 628 библиографиялык маалыматтардан турат

2020-жылы БИК өз фондуна 1190 жаңы илимий адабияттарды Россиядан жана чет өлкөлөрдөн дүйнөлүк пандемияга чейин алууга жетишти. Алынган адабияттардын баасы 284 394 сомду түзөт.

Массалык-маалымат иштери боюнча БИК жыл ичинде 8 гана китеп көргөзмөсүн уюштурду. 2020-жылдын октябрь айында УИАнын М.М.Адышев атындагы геология институтунда уюштурулган көрүнүктүү окумуштуу В.Г. Королевдун 100 жылдыгына арналган «Актуальные проблемы геологии и географии Тянь-Шаня» аттуу конференцияга карата БИК чоң көргөзмө уюштурду жана БИКтин кызматкери тарабынан окумуштуунун 271 аталыштагы эмгектеринин библиографиялык чоң тизмеси жасалды.



Илимий-библиографиялык иштер боюнча БИК 2020-ж. 4 көрсөткүчтөрдүн үстүндө иштеди. Алар «Библиография изданий НАН КР» Чыг.24 (2019-жылдан баштап), «Озеро Иссык-Куль» (1991-2015 ж.ж.), «Флора и растительность Кыргызстана" Чыг.3 (1976-1990-жж.), "Животный мир Кыргызстана» (1976-1980-жж.). Бардыгы болуп жогоруда айтылган көрсөткүчтөргө 51 879 маалымат булактары каралып, 4 548 маалымат жазылып алынды. Бул жылы 38 доктордук жана кандидаттык диссертациялардын 7080 аталыштагы адабияттар тизмесинин билиографиясы текшерилди.

БИКтин китеп эстеликтеринин гигиенасын илимий изилдөө жана реставрациялоо лабораториясынын иштери боюнча Лабораторияда баардыгы болуп 238 китеп оңдолуп-түзөлүп, калыбына келтирилди. Фонддордун окумдуулугуна жүргүзүлгөн изилдөө иштеринде 2020-жылы БИКтин порталындагы адабияттардын окумдуулугу изилденди. Бул жылы «Offline» жана «online» тейлөөнү кошкондо бардыгы болуп жыл ичинде БИК 307 373 окурманды тейлеп, биздин фонддун окумдуулугу жылдан жылга артууда.



## "КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ" БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

*Кызматкерлердин жалпы саны - 20. Илимий кызматкерлер -12, анын ичинен 1 илимдин кандидаты, 1 магистр.*

Бюджет: 4136,6 миң сом.

«Кыргыз энциклопедиясынын» Башкы редакциясы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 7-мартындагы ПЖ № 35 Жарлыгына ылайык мурдагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын алдындагы «Кыргыз энциклопедиясы» Башкы редакциясынын негизинде кайрадан түзүлдү жана жыл башынан бери Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын алдында иш алып барууда.

«Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясынын структурасына коомдук башталышта иш алып барган редакциялык коллегия, илим тармактары боюнча 27 редакциялык кеңеш жана дайыма иштөөчү 5 илимий редакция (Тил, адабият жана искусство редакциясы; Тарых, философия жана саясат таануу редакциясы; Табият жана так илимдер редакциясы; География, геология жана экология редакциясы; Илимий-адабий көзөмөл жана сөздүк редакциясы), ошондой эле эки бөлүм (Өндүрүш жана басма бөлүмү; Эсеп-кысап жана даяр продукцияларды жайылтуу бөлүмү) кирет.

Башкы редакцияда 5 редакция, 2 бөлүм иш алып барат. Кызматкерлердин жалпы саны 20 адам (4 кызматкер финансы маселеси көпкө чечилбегендиктен башка жумушка өтүп кетишкен, азыр вакансияда, жаңы жылдан кийин алынат). Алардын ичинен 12 илимий кызматкер, 1 илимдин кандидаты, 1 магистратурада. Кызматкерлердин орточо курагы 47,5 жашта, 35 жашка чейинкиси – 6.

КЭ уставы КР УИА Президиумунун 26.12.19. №74 токтому менен бекитилип, 07.02.2020-жылы Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгынан кайра каттоодон өткөрүлдү.

20 штаттык бирдиктен турган «Кыргыз энциклопедиясы» Башкы редакциясынын редакциялык курамы түзүлүп, штаттык тизими, сметасы жана 19 окумуштуудан турган Кыргыз Республикасынын электрондук энциклопедиясынын редколлегиясы бекитилди.

Улуттук энциклопедиянын 1-тому (76,5 уч. басма табак) 2-тому (93,7 уч. басма табак) Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы редакациясы боюнча кайрадан иштелип чыкты.

Электрондук энциклопедиянын концепциясы, макалаларды тандап алуу принциптери жана макала жазуунун типтүү схемалары, структурасы ж.б. нормативдик документтер даярдалды.

Толукталуучу жаңы сөздүктүн долбоору түзүлдү жана ал сөздүк боюнча электрондук энциклопедиянын алгачкы томдоруна кирүүчү 200гө жакын макала жазылды жана редакцияланды.

Калган томдордун сөздүгүн түзүү, макала жазуу улантылууда. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясынын 1-томунун электрондук вариантынан 200 макаланы электрондук отчет берген күнү көрсөтүлүп, иш жүзүндө отчет берген күнү көрсөтүлүп, ишин андан ары улантууда.



*Тайчиев И.Т.,*
*Төраганын милдетин аткаруучу, д.м.н. профессор*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТҮШТҮК БӨЛҮМҮНҮН 2020-ЖЫЛ БОЮНЧА КЫСКАЧА ЖЫЛДЫК ОТЧЕТУ

КР УИАнын Түштүк бөлүмү 3 ИИМдин: А.С. Джаманбаев атындагы Жаратылыш байлыктары институту (ЖБИ); Жалал-Абад илимий борбору (ЖИБ) жана Гуманитардык жана регионалдык изилдөөлөр институтунун (ГжРИИ) илимий жана илимий-уюштуруучулук иш-аракеттерин координациялайт.

ТБнүн 7 мүчөсүнүн 5 академик, 2 мүчө-корр. академиктердин орточо жашы 75 жаш, мүчө-корр.-73 жаш. Бюджет: 20 564 миң сом.

Кызматкерлердин жалпы саны – 167 (2018-ж. - 170), алардын ичинде 82 (49,10%) илимий кызматкер, (2019-ж.-83), 22 илимдин доктору (2019-ж.-19), 1 PhD и 35 илимдин кандидаты (2019-ж.-36). Илимий даражасы жок илимпоздор –20,35%, 35 жашка чейинки кызматкерлер ТБ боюнча 12,83%: ЖБИ-15,5%, ГжРИИ-13% жана ЖИБ-10%.

Түштүк бөлүмдүн илим-изилдөө институттары 4 долбоордун алкагында иш алып барышып, жалпы суммасы 19 282,4 миң сомду түздү (2019-жылга салыштырганда 1122,2 миң сомго аз).

Басмаканадан чыккан илимий эмгектер -55 (2019-ж. – 88), анын ичинен 20 чет өлкөдөн (2019-ж. - 47) басылып чыкты. Индекстелген журналдардан: РИНЦ – 60 (2019-ж. – 67), Scopus – 6 (2019-ж.–2), Web of Science–1 (2019-;. – 2).

2020-жылы монографиялар жарыкка чыккан жок. (2019-ж. - 8).10 окуу-усулдук колдонмо жарыкка чыкты.

Электрондук ресурс – 1 (2019-ж. - 1), электрондук китеп – 1 (2019-ж. - 1). Ойлоп табууга 1 патент алынган (2019-ж. – 4). Автордук күбөлүк – 2. 54 (2019-ж. - 58) конференцияларда жана форумдарда катышкан кызматкерлердин саны - 61 (2019-ж. – 129), алардын ичинен 34ү on-line режиминде катышышкан. Жогорку окуу жайларда иш айкалыштырып келген кызматкерлердин саны 39 (2019-ж. – 45), ошондой эле 14 илимдин докторлору, 25 илимдин кандидаты. Аспиранттардын жалпы саны - 56 (2018-ж. – 45). 1 илимий иш ишке ашырылды. 15000 сом өлчөмүндө илимий-техникалык продукция сатылган (2019-ж. –171 000 сом.). Бардык долбоорлор 100% бюджеттик каржылоо болду.



## А.С. ДЖАМАНБАЕВ атындагы ЖАРАТЫЛЫШ БАЙЛЫКТАРЫ ИНСТИТУТУ

*Кызматкерлеринин жалпы саны - 60. Алардын арасынан илимий кызматкерлер - 33, анын ичинде 8 илимдин доктору, арасында 3 академик жана илимдин кандидаттары 13. Жаш окумуштуулардын үлүшү – 15,5% түзөт.*

**ДОЛБООР: «Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагынын жаратылыш-сырьелук байлыктарын пайдалануу боюнча жогорку натыйжалуу ресурстарды сактоочу технологияларды жана техникалык каражаттарды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү».** Аткарылуучу убагы: 2020-2022-жылдар.

Бюджет: 7170,4 миң сом.

**Маанилүү натыйжалар:**

Изилденүүчү Торгой-Дөбө, Кумбель, Кара-Дөбө көмүрлөрүн гидравликалык классификациялоо боюнча тажрыйбаларды жүргүзүүнүн методдору иштелип чыкты. Ошондой эле изилденүүчү көмүрлөрдү флотациялык ыкма менен байытуу үчүн флотореагенттер тандалып алынды. Тандалып алынган флотореагенттер менен тажрыйбалардын циклдери аткарылды. Жыйынтыктар көрсөткөндөй керосинди флотореагент катарында 1,5% кошуп колдонуп көргөндө Торгой-Дөбө көмүр кенинен алынган көмүрдүн күлдүүлүгүн 5-6% азайганы аныкталды. Ошондой эле керосинди беттик активдүү заттар менен кошо колдонгондо байытылган көмүрдүн алынуусун 10-15% жогорулатса боло тургандыгы далилденди. Алдын ала жыйынтыктар баштапкы күлдүүлүгү 29-32% түзгөн Торгой-Дөбө көмүрүн байытуудан кийин анын күлдүүлүгү 8-9% азайгандыгын көрсөттү.

Лабораториянын кызматкерлери бул белгилүү пиролиздик түзүлүшкө бир катар өзгөртүүлөрдү киргизишти, анын натыйжасында белгиленген изилдөө максатына жетүү үчүн пиролиздик түзүлүш өркүндөтүүгө болот. Өркүндөтүлгөн пиролиздик түзүлүш белгилүү болгонго пиролиздик түзүлүшкө караганда бир топ артыкчылыктарга ээ: аба-буу жардыруусу көмүрдү кайра иштетүү процессинин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет, түзүлүшү жөнөкөй, бул жабдууларды чыгарууга кеткен чыгымдарды азайтууга мүмкүндүк берет, ошонун аркасында каалаган ишкер аны жасай алат, аны ташууга болот, ошондой эле таш көмүрдүн өзгөртсө болот.

Кыргызстандын түштүк регионунун төмөнкү сорттогу көмүрлөрүнүн негизги касиеттерин жакшыртуу үчүн Өзгөн жана Алай кендеринин төмөнкү сорттогу көмүрлөрү изилденген. Пиролиз бирдигинин иштелип чыккан өркүндөтүлгөн долбоорунун жардамы менен жарым кокс жана газ алынды (1-сүрөт).





**Өзгөндүн таш көмүр жана Алай кендеринин күрөң көмүрлөрүн эксперименталдык изилдөөнүн натыйжалары №1 таблицада келтирилген.**

**Таблица 1.** ***Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы көмүрлөрдүн техникалык анализдеринин жыйынтыктары***

| № | Көмүр кендеринин аталышы | Калориялык мааниси, Ккал/кг | Нымдуулук, % | Күлдүн курамы, % | Учуп чыгуучу заттар, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Торгой- Дөбө(баштапкы абалы, *Өзгөн көмүр кендери*) | 5716 | 8,8 | 8,1 | 39,6 |
| 2 | Торгой- Дөбө (жарымкокс майдалан) | 6595 | 0,055 | 19 | 14,6 |
| 3 | Кум-Бел (баштапкы абалы,) | 5524 | 2 | 25,1 | 24 |
| 4 | Кум-Бел (жарым кокс майдал.) | 7464 | 0,09 | 33,9 | 18,6 |
| 5 | Кызыл-Булак (баштапкы абалы, *Алай көмүр кендери*) | 5655 | 9,2 | 7,7 | 41,4 |
| 6 | Кызыл-Булак (жарым кокс майдалган) | 6543 | 0,033 | 10,3 | 26,8 |
| 7 | Кожо-Келен (баштапкы абалы) | 5478 | 11,6 | 13,1 | 39,2 |
| 8 | Кожо-Келен (жарым кокс майдаланган) | 6743 | 2,9 | 17.9 | 19,2 |

Торгой – Дөбө, Кызыл-Булак, Кумбель и Кожо-Келен көмүрлөрүнөн пиролиздик орнотмонун жардамы менен алынган жарым кокстүн калориясы баштапкы көмүрлөргө караганда салыштырмалуу бир канча % көбөйгөндүгү аныкталды 15,3%, 15,6%, 35% и 15,6%.

Кызыл-Токой кениндеги глауконититтик кумду жибитүү жолу менен бөлүп алуу боюнча иштер жүргүзүлдү. Глауконититтик кумдун пахтанын «Кыргыз 5» сортунун түшүмдүүлүгүнө таасир этүүсүн изилдөө боюнча изилдөө иштерин улантуу үчүн тазаланган глауконититтердин үлгүлөрү алынды. Сузак районунун Сары-Булак кенинде фосфориттерди байытуу боюнча иштер жүргүзүлдү. Тазаланган фосфориттин үлгүлөрү алынды. Алынган фосфориттер менен пахтанын түшүмдүүлүгүнө таасир этүүсү боюнча изилдөө иштери жүргүзүлдү.

Талаа эксперименталдык иштерин жүргүзүү үчүн ГОМАга комплекстүү гуматташтырылган органо-минералдык азыктар берилди 50 кг өлчөмүндө. Тажрыйба пахтачылык боюнча Кыргыз тажырыйба станциясында жүргүзүлдү өсүүсүнө, өнүгүшүнө, пахтанын түшүмдүүлүгүнө, буланын технологиялык касиетине, жана комплекстүү органо-минералдык азыктын топурактын асылдуулугуна тийгизген таасири боюнча төмөнкүдөй катышта: ГОМА (гуматтын натрийин, аммиактык селитра, жана глауконити – калий компонентин камтыйт) жана фосфор азыгы (фосфориттер).Тажрыйбанын варианттары 2-таблицада көрсөтүлгөн.

«Береке» гуминдик-минералдык азыгынын «Кыргыз 5» сортундагы пахтаны тамырдан сырткары азыктандырууда тийгизген таасирин изилдөө. Пахта менен тажрыйба жүргүзүлүүчү изилденүүчү варианттар 2 катмарга бөлүнүп, 3 эселеп кайталанып коюлду. Бөлүктөрдүн узундугу 1-4м, кеңдиги 2,4м, аянты 25м², жалпы аянты 525м².

«Кыргыз 5» сортундагы чийки пахтанын өсүшүнө, өнүгүүсүнө, түшүмдүүлүгүнө жана технологиялык касиеттерине ошондой эле топурактын асылдуулугуна ГОМАнын таасир этүүсүн изилдөө жүргүзүлдү.

Биз күткөндөй өндүрүштүк көзөмөлдөөчү вариантка (N300P150K100) жана



**Таблица 2. Тажрыйбалардын схемасы**

| Тажрыйбалардын схемасы | | |
|---|---|---|
| Тажрыйбалардын варианттарынын № | ГОМАнын курамынын катышы | |
| | ГМАК | Фосфордук азыктар (фосфориттер) |
| 1 | Көзөмөл (өндүрүштүк) $N_{300}P_{150}K_{100}$ | |
| 2 | Көзөмөл (ГМАК) | |
| 3 | 90 | 10 |
| 4 | 80 | 20 |
| 5 | 70 | 30 |
| 6 | 60 | 40 |

2-варианттарга салыштырмалуу ГОМА пахтанын өсүшүнө, өнүгүүсүнө жана түшүмдүүлүгүнө өзүнүн он таасирдүү салымын кошо алды. 3-таблицада көрсөтүлгөндөй баардык варианттар көзөмөлдөөчү вариантка караганда 0,8 ден 2,0 ц/га чейин жогорулаган. «Кыргыз 5» сортундагы пахтанын түшүмдүүлүгүнө ГОМА оң таасирин тийгизүү менен катар эле пахтанын буласынын технологиялык касиеттерине да оң таасирин тийгизет. Пахтанын буласынын технологиялык касиеттерине ГОМАнын таасир этүүсүнүн жыйынтыктары боюнча ГОМА пахтанын буласынын касиеттерине да оң таасирин тийгизгендиги байкалды: буланын бышыктыгына, буланын узун үзүлүшүнө. Эң эле оптималдуу вариант болуп 5-вариант эсептелет. ГОМАны пайдалануунун экономикалык

**Таблица 3.Чийки пахтанын түшүмдүүлүгүнө азыктын фонунун таасир этүүсү ц/га.**

| Варианттын номери | 1 | 2 | 3 | Сумма | Түшүмдүүлүк ц/га | Четтөө |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 31,7 | 31,9 | 32,0 | 95,6 | 31,8 | |
| 2 | 31,4 | 29,8 | 30,5 | 91,7 | 30,5 | -1,3 |
| 3 | 31,9 | 31,9 | 32,0 | 95,8 | 31,9 | +0,1 |
| 4 | 32,1 | 31,4 | 31,4 | 94,9 | 31,6 | -0,2 |
| 5 | 34,3 | 32,9 | 34,2 | 101,4 | 33,8 | +2,0 |
| 6 | 33,5 | 32,8 | 31,6 | 97,9 | 32,6 | +0,8 |

эффективдүүлүгү өндүрүштүк участкадагы көзөмөлдөөчү вариантка 1 (N300P150K100) салыштырмалуу тажрыйба жүргүзүлгөн варианттардагы пахтанын кошумча түшүмдүүлүнүн жогорулагандыгы боюнча эсептелинди.

